# БОРБОР АЗИЯДАГЫ АДАМ УКУГУН КОРГОО

## Квартал сайын чыгып туруучу маалымат-аналитикалык бюллетень

«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоору

№ 6 ЧЫГАРЫЛЫШЫ [май-июнь 2010 жыл]




Европа Союзу

INSTITUTE FOR WAR & PEACE REPORTING

IWPR

Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR)

# УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

Сиздердин назарыңыздарга Борбор Азия өлкөлөрүндө адам укугу боюнча актуалдуу маселелерди чагылдырган маалымат-аналитикалык бюллетендин алтынчы чыгарылышын тартуулайбыз.

Быйылкы жылдын апрель айынан тартып дүйнө жүзү Кыргызстанда болуп жаткан окуяларга назарын салууда. Ушул жылдын июнь айында түштүктө 90-жылдагы болуп өткөн коогаландай коопту окуяга күбө болдук. 10нан 11-июнга караган түнү Ошто, кийинчерээк Жалал-Абадда курал колдонгон кагылышуулар башталды. КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 6-июлга карата берген акыркы маалыматы боюнча жаңжал 309 адамдын өмүрүн алып кетти. “Коммерсант” гезитине берген интервьюсунда КРнын башчысы Роза Отунбаева, түштүктөгү коогаландын кесепетинен каза болгон адамдардын расмий саны азайтып берилгендигин билдирди. Качкындардын иштери боюнча БУУнун Жогорку комиссарынын баамында 400 миң адам өз үйлөрүн таштап качууга аргасыз болгон. Өзбекстан расмий түрдө 45 миң адамды кабыл алган. Чындыгында качкындардын саны бир топко көп болгон. Кырдаал көзөмөлгө алына башталганы алар Кыргыз Республикасына кайтып келе баштады.

Тартип бузуулар башталганы, коогалаң болгон жерлерге комендантык саат киргизилген. Айта кетсек, Ошто ал 10-августка чейин узартылды. Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү “улуттук мааниде чагымдоо” деп атаган кагылышуунун натыйжасында түрдүү улуттун өкүлдөрү жабыркады. Көбү туракжайынан, туугандарынан ажырады. Азыр түштүктөгү чагымдоолорду уюштурууда тышкы жана ички үчүнчү күчтөр турган деген түрдүү божомолдор айтылууда.

Бийлик үчүн эң татаал көйгөйлөрдүн бири-жабыркагандарга кайрымдуулук жардам берүү болду. Андан да курч маселе, жергиликтүү калкты кайтаруу, жабыркагандарга психологиялык жардам берүү жана кагылышуудан кийин толугу менен урап калган түштүк шаарларынын инфратүзүмүн кайра куруу болот. Бул маселе 27-июнда болуп өткөн элдик референдумдун натыйжасында шайланган жана легалдаштырылган жаңы бийликтин милдети.

Ошол эле учурда, Казакстан Республикасынын президентинин макулсуздугуна карабай, 13-майда Казакстан Республикасынын баш мыйзамына конституциялык оңдоо киргизилип, Нурсултан Назарбаев “улут көсөмү” аталып, бул мартаба ага саясий таасирин сактоого жана юридикалык кол тийбестикти камсыздады.

Борбор Азия чөлкөмүндөгү укук коргоочулар айгай кагып, азыркы учурда ОБСЕнин төрага өлкөсү болгон Казакстан бийлигин Өзбекстандык качкындарга көңүл бурууну талап кылат. Назарыңыздарга тартууланган бюллетендин саны Борбор Азияда болуп жаткан саясий жана социалдык окуялар менен таанышууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Эске сала кетсек, Бюллетень Европалык Кеңештин колдоосунда, британдык Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу Институтунун (IWPR) «Борбор Азиядагы ММКтар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору тарабынан даярдалды. Долбоордун негизги максаттарынын бири - Борбор Азия чөлкөмүндөгү коомчулуктун адам укугун коргоо тармагында маалымдуулугун жана сабатын жогорулатуу.

Бүгүнкү күндө долбоор Кыргызстандагы балдардын билим алуусунун жеткиликтүүлүгүн, Тажикстандагы суицид санынын өсүү көйгөйүн чечүү, Казакстандагы сөз эркиндигин колдогон диалог платформасына ээ. Долбоордун ишкерлигинин дагы бир багыты өкмөттүк эмес Уюмдардын өкүлдөрүн коомчулук менен, массалык-маалымат каражаттары менен байланышууга үйрөтүү, журналисттерге адам укугун коргоонун эл аралык жана улуттук мыйзам үлгүлөрүнө үйрөтүүчү машыгууларды өткөрүү болуп саналат.

Бүгүн IWPR өз ишкерлигин Европа, Афганистан, Иран, Ирак, Сирия, Филиппин, Уганда, Түндүк Африка, Зимбабве, Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө ийгиликтүү ишке ашырат. IWPR Борбор Азияда өз ишин 1999-жылы баштаган, бул убакыттын ичинде Институт мамлекеттик, өкмөттүк эмес секторлор, медиатүзүмдөр менен ийгиликтүү кызматташат. IWPR биринчилерден болуп жергиликтүү журналисттер менен иштешип, чет элдик кесиптештери менен байланышуусун түздү. Убакыт өткөн сайын бул өнөктүк тыгыз катнаштарды жаратты. Мындай ыкма жаңы алакаларды, идея, билим, жөндөм алмашууну камсыздады. Анын натыйжасы, тил аралык өзгөчөлүктөргө, көз караштарга карабай www.iwpr.net.мвебсайтында бириккен макалалар пайда болду. Бул ийгиликтүү долбоорду аркалай IWPR адам укугу, демократиялык маселелерди чагылдырууда чоң салымын кошту.

Ар бир чыгарылышта сиздерди долбоордун ишкерлиги менен тааныштырып, Казакстанда, Кыргызстанда, Тажикстанда, Түркмөнстанда, Өзбекстанда адам укугун бузуу жагдайларын ачык чагылдырууга аракет кылабыз.

# ЧЫГАРЫЛЫШТА:


ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

АКТУАЛДУУ ИНТЕРВЬЮ:

7 Зариф Ализода менен болгон маек: Тажикстандын акыйкатчысы: «Биз арыздарды баарынан ылгабай кабыл алабыз»

АТАЙЫН РЕПОРТАЖ:

9 Борбор Азия калктары ВИЧ илдети менен ооруган адамдардын санынын өсүшүнө тынчсызданышууда

14 Гуантанамонун мурунку эки туткунунун ишин кайра караштырып чыгуу чакырыгы

КАЗАКСТАН:

16 Коомдук каршылыктын санынын өсүшү

17 Казакстандын президентине улут көсөмү деген мартаба ыйгарылды

КЫРГЫЗСТАН:

19 Мурдагы шахта кызматкерлеринин компенсация алуу үмүтү өчүүдө

20 Оштогу башаламандык

22 Калың топту өздөрүнө баш ийдире алган азамат баатырлар

ТАЖИКСТАН:

23 Тажикстан табигый кырсыктан кийин жардам сурайт

25 Тажикстандагы чөнтөк телефондорду колдонуунун тегерегиндеги чыр-чатактар

ТҮРКМӨНСТАН:

26 Жергиликтүү бийликтин ыйгарымына шарт түзүлдү (русский вариант надо посмотреть)

27 Түркмөнстандагы анткор демилге

ӨЗБЕКСТАН:

28 ОБСЕге төрага өлкө укук коргоочулардын добушуна кулак салабы?

29 Өзбекстандын укук коргоочулары спорт кабарчысын бошотуу үчүн күрөшөт


# ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ:

***“Маалымат издөө, тема издөө, ММКнын укуктук сабаттуулугу” тренинги***

***11-12-июнда Алматыда “ММКтары аркылуу Борбор Азиядагы адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу” долбоорунун алкагында эки күндүк “Маалымат издөө, тема издөө, ММКнын укуктук сабаттуулугу” тренинги өттү. Анын уюштуруучусу Казакстандагы IWPR өкүлчүлүгү болду.***

Машыгууларды Казакстанда белгилүү укук коргоочу жана журналист Андрей Гришин өткөрдү. Машыгуулардын катышуучулары Чымкент, Тараз жана Алматыдан келген журналисттер болду. Машыктыруучу жарандардын укугун бузуучу олуттуу маселелерге көңүл бурду: тынч эл жыйындары (саясий жана социалдык каршылык акциялары), Дин (салттуу эмес диний топторду куугунтуктоо). Тренингдин негизги максаты журналисттердин укуктук сабаттуулугунун сапаттуулук деңгээлин жогорулатуу жана журналистиканын мыкты үлгүлөрүндө укук коргоо маалыматтарынын негизги ыкма жана усулдарын үйрөтүү болду.

Гришин катышуучуларынын көңүлүн одоно адепсиз журналистиканын жана материалдын сабатсыз берилишинин мисалдарына бурду.

Журналисттер тренингдин темасынын актуалдуулугун белгилешти. Николай Цой, биздин заманда укук коргоо жөнүндө



кеп кылуу керектигин айтып, машыктыруучу угуучулар менен мыкты сөз табышканын белгиледи. “Укуктук коргоо жана аны чагылдырууга көбүрөөк токтолууну каалайдык. Материалдарды иш жүзүндө аткаруу жана оюн маалдары орду менен болду. Жогорудагы темалар толугу менен терең ачылса андан да жакшы болмок”, деп түшүндүрдү журналист.

Чымкенттик көз карандысыз журналист Татьяна Мухина, берилген материалдардын кызыктуулугун жана жеңилдигин белгиледи.

«Мыкты үлгү материал. Эл аралык журналистикада иштегенди каалагандар үчүн зарыл тема. Бардык кызыктырган суроо-темалар талкууланды. Баары чени менен болду. Теория тажрыйба түрүндө далилденип, оюн маалдары орду менен жүрдү».

Тренингдин катышуучуларына кепилдемелер таратылды.

### *Мамлекеттик пресс-кызматтарынын адистери каатчылыкка каршы PR негиздерин окуу сабактарын өтүштү*

28-29-майда Бишкек пресс-клубунда (BPC) мамлекеттик пресс-кызматтарынын адистери үчүн семинар-практикум «ММКлар менен каатчылык кырдаалда иштөө. Каатчылыкка каршы PR» аттуу семинар-практикум өттү. Семинарга коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышты. Иш-чараны Көз карандысыз машыктыруучу-кеңештөөчү топ, «Сорос-Кыргызстан» Фонду, Кыргызстанда Согуш жана Тынчтыкты Чагылдыруу Өкүлчүлүгү (IWPR), (Норвегиянын Тышкы Иштер Министрлиги жана Еврокомиссия тарабынан каржыланган IWPRдин “Борбор Азиядагы ММКлар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу” долбоору аркылуу камсыздалды.

Эки күндүк семинардын машыктыруучулары «Egalité» КУнун мүчөлөрү, чыр-чатакты жөнгө салуу, социалдык психология жана социалдык менеджмент адистери Татьяна Выговская жана Иван Каменко, «APRA Group» медиаконсалтинг компаниясынын PR адиси, маркетолог Екатерина Филиппова болду.

Семинар-практикумда мамлекеттик пресс-кызматтарынын адистерине мекемелерден келген маалымат саясий тутумдун ичинде кандайча айланып жүргөнүн анализдөө сунушталды. Маалыматка болгон саясий көз караштын эмоционалдык түзүүчүсүнө өзгөчө көңүл бөлүндү.

Семинарда каатчылык кырдаалда пресс-жыйындарды уюштуруу, пресс-релиздерди жазуу жана башка куралдар аркылуу ММКлар менен байланыш түзүү боюнча иш жүзүндө кепилдемелер берилди. Мисалдарды териштирип жатып катышуучулар маалымат өз дарегине жетип, чыр-чатак жагдайды айланып өтүүнүн тегерегинде машыгышты.

Семинар-практикумда сунушталган кепилдеменин бири – ММКтары менен жеке карым-катнаш түзүү болду. Кеңешчи-машыктыруучулар, уюмдун бейделдүү кадыр-баркын камсыздаган мекеменин ички байланышын жөнгө салуунун зарылчылыгын баса белгилешти.

«Мамлекеттик мекемелер менен ММКлардын тыгыз байланышын акыркы окуялар так далилдеди. Коомдук пикирге таасир кылуу биздин колубузда. Бул семинарда мен ММКлар менен байланыш түзүү, маалыматты туура жеткирүү жана журналисттер менен оң карым-катнашта болуу жөнүндө тереңирээк билдим», – деди семинар-практикумдун катышуучусу Кыргыз Республикасынын пресс-катчысы Светлана Байтикова.

«Мурун биз өз ишкердүүлүгүбүздү пресс-релиздер аркылуу таратаар элек, бирок пайда аз болчу. Эми бизге реалдуу натыйжа керек болсо, маалыматка башка мамиле кылуу зарылдыгын билдим: маалыматты куру таратпай, аны туура сегментке бөлүү абзел экен», – деди ички мигранттар менен иш алып баруу боюнча адистештирилген «Арыш» Коомдук бирикмесинин социалдык бөлүмүнүн менеджери Нурия Темирова.

Семинар-практикумдун координатору Елена Воронинанын пикиринде, мамлекеттик пресс-кызматынын адистерин окутуу иретиндеги иш-чара өз убагында болду, анткени өткөөл маалда расмий түзүмдөрдүн пресс-кызматтардын ролу өсөт.

«Мезгил алмашты. Көп пресс-кызматтар журналисттер жалпы коомчулуктай эле кырдаалдын өзгөрүүсүнө даяр эмес болчу. Менимче, бул семинар мындай багыттагы кийинки окутуучу иш-чаралардын тушоосун кести. Бүгүн каатчылыкка каршы байланыш түзүү билими жана мындай шарттарда кесипкөй иштөө коомдун мамлекеттик мекемелер жөнүндө пикирин түзгөн пресс-кызматынын адистерине гана эмес, калган медиамейкиндик катышуучулары үчүн да абдан пайдалуу болот», – деп сөзүн аяктады Елена Воронина.

### *Тренинг «Укук коргоо Бейөкмөт уюмдар үчүн маалымат-агартуу ишкердиги» (Public Outreach)*

2010-жылдын 4-5-июнунда Ош шаарында, 11-12-июнда Бишкек шаарында укук коргоочулар үчүн маалымат-агартуу кампаниясын пландаштыруу жана укук коргоо ишкердигинде социалдык маркетинг усулдарын колдонуу боюнча машыгуулар өттү.

Тренингдин негизги максаты укук коргоо бейөкмөт кызматчыларын өз угуучуларынын кызыкчылыгын тапкан жана ал кызыкчылыктарды туура багыттоо боюнча медиастратегия түзүүгө үйрөтүү болду.

Иш жүзүндөгү интерактивдүү тапшырмалардын аткарылышында, бейөкмөт уюмдардын ишинде социалдык маркетинг усулдарын колдонуу ыкмалары пайдаланып, медиакампанияны пландаштырууда ролдор бөлүштүрүлүп, пресс-релиздердин мазмундары, ж.б. даярдалды.



Машыктыруучулар болуп байланыш тармагында машыктыруучу-кеңешчи «КУТ-Консалт» КУнун өнүктүрүү менеджери, Кыргыз-Россия Славян Университетинин эл аралык журналистика кафедрасынын окутуучусу Ирина Чистякова, “public relations” тармагында 5 жылдан ашуун иштеген IWPRдин «Борбор Азиядагы адам укугун коргоо жана Массалык Маалымат Каражаттары аркылуу укук коргоо боюнча агартуу» долбоорунун координатору Айгүл Болотова дайындалды.

Машыктыруучу Ирина Чистякованын пикиринде, бейөкмөт уюмдардын көп кызматчыларына бизнес-куралдар жетишпейт. «Социалдык маркетингдин маңызы, максаттуу топтор менен иштөөдө базар куралдарын колдонуу ыкмаларын мыктылоо. Товарды сатууда ар бир бизнес керектөөчүлөрдүн талабына багытталат. БӨУдар үчүн көп чыгымды талап кылбаган куралдар, BTL-маркетинг, чалгынчы маркетинг, медиалык аянтчаны колдонбогон керектөөчүлөр менен жеке байланышта болгон акциялар майнаптуу болот», – дейт Ирина Чистякова.

«Тренинг маалында биздин уюм үчүн акция жүргүзүү боюнча көптөгөн ойлор пайда болду», – деди тренингдин катышуучусу «Эгль» КФдун укуктук программасынын координатору Алмаз уулу Атай. Ал тренинг маркетинг боюнча сабаттуулугун жогорулатып, массалык маалымат каражаттары кандай иштээрин түшүнгөнүн белгиледи.

Айыл жаштарын маалымдоо тармагында эмгектенген «Келечек доору» КУнун

мүчөсү Нагима Абдылдаева, бул машыгуулардан өз уюмунун ишкердүүлүгүн чагылдырууга журналисттерди кызыктырып чакыруу боюнча баалуу кепилдемелерди алганын белгиледи.

«Биз журналисттер менен түзгөн байланышыбызды үзүрсүз колдонот экенбиз. Эгер байланышты туура уюштурсак, биз кошумча чыгымсыз эки тарапту пайдалуу кызматташтык түзө алат экенбиз. Жакынкы маалда бизде Ысык-Көлдүн жээгин тазалоо боюнча экологиялык акция жүрөт. Ал жерде биз бул тренингде үйрөнгөн BTL-ыкмалары боюнча билимибизди колдонобуз», – деп баса белгиледи Нагима Абдылдаева. Ал социалдык маркетинг боюнча алган маалыматы менен аймактагы өнөктөрүнө бөлүшүп, алардын жер-жерлерде колдонуусуна көмөк көрсөтөөрүн билдирди.

«Кылым Шамы» КФнун Жалал-Абад облусундагы туунду бөлүмүнүн кызматчысы Абдуназар Маматисламовдун айтымында, укук коргоо тармагындагы тартууланган маркетинг технологиялары биздин мезгилде үзүрдүүлүгү жана майнаптуулугу боюнча абдан таасирлүү болду.

«Бул тренингдин жардамы менен журналист жана башталгыч укук коргоочу катары менин маалымат-агартуу ишкердүүлүгүмдүн начар жактарын байкадым. Келечекте мындай ишкердүүлүктү туура мерчемдөө адам укугун бузууну алдын алууга жардам берет», – Музаффар Турсунов, «Балдар укугун коргоочулар Лигасы», тармагы, «Open.kg» журналист.

Машыгуулардын катышуучулары акция, BTL иш-чара уюштуруу, ММКлар менен иштөөдө укуктук негиздери боюнча юридикалык тармакта тренинг жүргүшүн сунушташты.

***Кыргызстандын жана АКШнын адисттери КРда саясий кырдаалды видеоконференция форматында талкуулашты.***

2010-жылдын 23-июнунда Кыргызстанда Согуш жана Тынчтыкты Чагылдыруу Институтунун Өкүлчүлүгүндө (IWPR) «Кыргызстан референдум алдында» деген видеоконференция өттү. Видеоконференция IWPRдин Карнеги Фонду менен бирдикте болду (Вашингтон).

Талкуулоого кыргыз тараптан: адистер Ишенбай Абдуразаков, Валентин Богатырев, Тамерлан Ибраимов, Марс Сариев, Эльмира Ногойбаева жана Кадыр Маликов, америкалык тараптан Эл аралык тынчтык үчүн Карнеги Фондунун, АКШнын мамлекеттик департаментинин, ЮСАИДин эл аралык диний эркиндик боюнча АКШнын Комиссиясынын өкүлдөрү жана көз карандысыз изилдөөчүлөр катышты.

Видеоконференция маалында тараптар Кыргызстандагы кырдаал жана келечеги боюнча суроо алмашты. Кыргызстанга референдум эмне алып келээрин талкуулашты. Азыркы саясий кырдаалга жалпы мүнөздөмө берилип, аймактагы ички жана тышкы оюнчулардын кызыкчылыгына басым коюлду. Ошондой эле серепчилер түштүктө болгон окуяларга алардын күчөө себептерине жана кырдаалды тынчтандыруу боюнча өз көз карашын билдирди.

«Кыргызстандагы саясий кырдаалды Вашингтондогу кесиптешерибиз менен талкуулоо абдан үзүрлүү өттү. Видеоконференция – пикир алмашуунун кызыктуу жана жемиштүү түрү», – деп ой бөлүштү Кыргызстан тараптан жолугушуунун катышуучусу, саясат таануучу Марс Сариев.

Марс Сариевдин пикиринде, июнь окуяларында Кыргызстандын түштүгүндө маалымат талаасында күчтүү моделдештирүү болуп, анын кесепетинен "эл аралык коомчулук Кыргызстандагы болуп жаткан жагдай тууралуу бир тараптуу маалымат" алып жатканына күбө болдук.

Адистер улуттук түскө боёлгон ар бир чыр-чатактын учкунунан өрт чыгып кетээрине бир ооздон макул болушту, бүгүн деле кырдаал туруктуу болуудан алыс экенин белгилешти.




«Азыркы убакта түштүктө коомчулук өз алдынча уюшулууда, коргонуу отряддары, аксакалдардын ынтымакташтыруу топтору түзүлдү. Ошол эле маалда түштүктүн калкы өткөн окуядан көңүлү калгандай, андыктан адамдар өз өмүрүн жана мүлкүн сактоо үчүн курал-жарак сатып алып жатат», – деди "Дин, укук, саясат" көз карандысыз аналитикалык борбордун башчысы Кадыр Маликов.

Видеоконференциянын америкалык катышуучулары кыргыз кесиптештеринен коңшу өлкөлөрдүн Кыргызстандагы болгон окуялар менен таасирлениши, өлкөнүн жарандарынын баш мыйзамдагы өзгөрүүлөр жөнүндө кабардардыгы, эл аралык коомчулук качкындар маселесинде жана чыр-чатакты токтотуудагы ойногон ролу жөнүндө сурамжылашты.

Кыргызстан серепчилери Кыргызстандын жарандары үчүн референдум – "коопсуздук, туруктуулук үчүн жана Убактылуу өкмөткө ишеним" добуш берүүсү деген пикирин айтышты.

Өзгөрүүнүн тамырлуу маанисин калктын негизги катмары түшүнүүдө, деп эсептейт, кыргызстандык саясат таануучулар. "Келечек" аналитикалык консорциумдун жетекчиси Валентин Богатырев белгилегендей, КРнын жаңы Баш мыйзамында бир негизги өзгөрүү бар. Өкмөт үстүндөгү көзөмөл президенттен парламентке өтөт. Богатыревдун сөзүндө, бул жагдайды ички да, тышкы да оюнчулар жакшы түшүнөт.

Ошондой эле жолугушууда мамлекеттин менеджердик мүмкүнчүлүктөрүн менчиктештирүү менен байланышкан Кыргызстандагы партиялык курулуштардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө тема козголду. Серепчилер аймактагы кырдаалдын өзгөчөлүгүн изилдеп, улуттук жана диний багыттагы партиялар сепаратисттик кыймылдарга өсүп кетүү коркунучуна көңүл бурушту.

Адистер болочок бийликти уюштурууда азыркы шарттарды талкуулап, парламенттик шайлоолордун өтүшүн жана келечектеги бийлик институтунун түзүлүшүн божомолдошту.

"Азыркы кырдаал 2005-жылга караганда жакшы. Бул бийликте атаандаш карама-каршы партиялар көп. Алар шайлоого катышууда бири-бирине оппозиция түзөт. Демек, шайлоодо эл аралык байкоочулар менен бирдикте алар административдик ресурс колдонууга каршы жеткиликтүү көзөмөл түзөт. Андай көрүнүштүн кичинекей учу гана байкалса социалдык жарылууга алып келет,"- деген пикирлер айтылды.

Ошол эле мезгилде адистер парламенттик шайлоодон кийин өлкөнүн кайра реформалоо кыйындыкка туураарына тынчсызданышты. Бир катар адистердин пикиринде, азыркы саясий конъюктураны эске салганда, Кыргызстандын парламентинде бир да партия үстөмдүк кылбайт. Мындай жагдайда өкмөттүн түзүмү жана өкмөт башчысы жөнүндө бир пикирге келүү оор болот. Жаңы Баш мыйзам боюнча өкмөттү түзүүгө үч мүмкүнчүлүк берилет, бирок анын натыйжасы да эч нерсе бербейт го деген божомолдор бар. Анда парламент таратылат же, жаңы өкмөттө жаңы адамдар пайда болот. “Эгер андай өкмөт түзүлсө да, ал куракталып, жамаачыланат”, деп белгилешти видеоконференциянын кыргыз тараптагы катышуучулары.



«Адистик маек абдан зарыл. Чет элдик адистер Кыргызстандагы кырдаалды башка кырынан билет. Алар Борбор Азияга үзгүлтүксүз каттап турбагандан кийин видеоконференция аркылуу жергиликтүү ой жүгүртүүнүн алгоритмин сезип, бул жерде болуп жаткан жараяндарды жергиликтүү серепчи борборлордогу кесиптештеринин жардамы менен түшүнүүгө аракет кылышты.

Майнаптуу пикир, тажрыйба алмашуу июндагы Кыргызстанда болуп өткөн кырдаалдарды алдын алууга көмөк түзөт. Андыктан бул жерде кызматташтыкка жана ар өлкөлөрдүн өнөктөштөрү чогуу чечүүгө шарт түзүлөөрүнө чоң ишеним бар.

«Мындай форматта ар түрдүү өлкөлөрдүн кесиптештери ортосунда маек жүрүп турса, коюлган суроолордун мазмуну кең болсо, ошончо талкуунун катышуучулары гана эмес карапайым коомчулук үчүн өлкөлөрдөгү түзүлгөн кырдаалды, өлкөлөр арасындагы саясий мамилени түшүнүү жеңил болот, деди видеоконференцияны жыйынтыктап жатып, коомдук ишмер Ишенбай Абдуразаков.

### *Коомдук лекция «Тажикстандагы орто билим алууга кыздардын мүмкүнчүлүгү»*

24-майда Душанбеде, С. Айни атындагы Тажик мамлекеттик педагогикалык университетинде “Тажикстандагы кыздардын орто билим алуу мүмкүнчүлүгү” деген темада ачык коомдук лекция өттү. Лекция Европа Биримдиги каржылаган Согуш жана Тынчтыкты чагылдыруу Институтунун (IWPR) “Адам укугун коргоо жана Массалык маалымат каражаттары аркылуу укук коргоо боюнча агартуу” долбоору тарабынан даярдалды.

Лектор “Жогорку билимдүү айымдар” коомдук уюмдун төрайымы, ЮНЕСКО кафедрасынын профессору Гулджахон Бобосадыкова болду.

«Быйылкы жыл Тажикстанда билим берүү жылы деп жарыяланды, биздин тема анын алкагында өтө зарыл болот. Гендердик теңдик жөнүндөгү чыгарылган мыйзамдарга, Тажикстан тарабынан окуу маалындагы кыздардын жана балдардын укугу жөнүндө кол коюлган бир нече эл аралык документтерге карабастан, окуу мезгилинде кыздар менен балдардын мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүү», – деди лектор ТГПУнун 50дөн ашуун ар кандай факультеттеринин студенттерине.

Г. Бобосадыкованын айтымында, бул жагдайга бир нече факторлор, анын ичинде жашоо деңгээлинин төмөндөшү, аял тууралуу салттуу көз караштын кайра жаралышы, билим берүүнүн сапаттуулугу кирет.

«Көп нерсе мугалимдерден да көз каранды болот. Силер, болочок окутуучулар, өз окуучу кыздарыңарга өзгөчө кылдат мамиле жасашыңар зарыл. Анткени мектепте мугалимдердин кыздарды кемсинтүүсү жана көзгө албагандыгы - алардын окууга болгон кызыгуусун суутат», деди профессор.

Студенттердин оюнда, лекция маалында көтөрүлгөн маселе азыркы күндө абдан актуалдуу.

«Абдан кызыктуу билдирме. Мен мугалим болуп иштегенде кээ бир кеңештерди сөзсүз тажрыйбамда колдоном. Мисалы, окуучулардын ата-энелери менен карым-катнаш түзүү жана окуучулар менен сабак маалында мамиле куруу жөнүндөгү кеңештер абдан жакты», – деди студенттердин бири.

«Мамлекеттик органдардын пресс-кызматы менен ММКлардын өз ара аракеттештиги» деген темада семинарлар

28 жана 30-июнда Дүйшөнбү жана Кожентте “Мамлекеттик органдардын пресс-кызматтары менен ММКлардын өз ара аракетештиги” деген темада бир нече семинар өттү.

Иш-чара Европа Биримдиги каржылаган Тажикстандагы Согуш жана Тынчтыкты чагылдыруу Институтунун (IWPR) “Адам укугун коргоо жана Массалык маалымат каражаттары аркылуу укук коргоо боюнча агартуу” долбоору менен бирдикте, Тажикстандын көз карандысыз ММКларынын Улуттук ассоциациясынын (НАНСМИТ) USAID каржылаган Ин-



терньюстун колдоосунда “Тажикстандагы сөз эркиндиги тармагын күчөтүү” долбоорунун алкагында даярдалды.

Өткөн семинарлардын максаты расмий маалымат булагын алуу мүмкүндүгү жана мамлекеттик органдардын пресс-кызматы менен ММКлардын БӨУнын өз ара ийгиликтүү аракеттештигин өөрчүтүү болду.

Тажикстандын Тышкы иштер министрлигинин маалымат департаментинин жетекчиси Давлат Назриевдин пикиринде, мындай иш-чара өткөрүү ар дайым актуалдуу. “Бул семинарлар азыркы кырдаалга баа берип, ММКлар жана маалымат булактары менен мындан ары өз ара аракеттешүүгө жол табууга шарт түзөт. Семинардын башка катышуучусу ТРнын ММКлар кеңешинин төрагасы профессор Иброхим Усмонов жолугушуудан ийгиликтүү натыйжа күтөт. “Эгер бул семинардын бир нече эле катышуучулары кийинки өз ишкердүүлүгүндө биздин кеңештерди эске алса, биз мыкты натыйжага жеткен болобуз”, – деди.

Кожентеги иш-чара чоң колдоого ээ болду. Семинарды ачып жатып НАНСМИТтин төрагасы Нуриддин Каршибоев, пресс-кызматтарынын ММКларга өз убагында расмий маалыматты камсыздоо жана мамлекеттик бийлик органдарынын ишкерлигиндеги ачыкайкындыкты түзүүдөгү олуттуу ролун баса белгиледи. Өз кезегинде, Кожент шаарынын төрагасынын орун басары Иброхимжон Иброхимов пресс-кызмат адистерин журналисттер, ММКлар менен тыгыз байланыш түзүүгө чакырды. Семинардын башка катышуучулары мындай жолугушуулардын майнаптуулугу жөнүндө өз ойлорун билдирди:

«Мындай жолугушууларды үзгүлтүксүз уюштуруу керек. Ал жакындашууну жана өз ара түшүнүшүүнү бекемдейт. Мындай жолугушуулар ар дайым иш маалында расмий өкүлдөр жана журналисттер ортосундагы түзүлгөн талаш-тартыштарды чечип, талкуулоого түрткү болот», - деди Коженттин “Азия” көз карандысыз телерадиокомпаниясынын башчысы Азамхон Акбаров.

“Вароруд” агенттигинин башкы мүдүрү Ильхом Джамолиендин оюнда, мындай иш-чараны өткөрүү зарылчылыгы эчак бышып жетилген.

«Облустук деңгээлдеги мамлекеттик бийлик органдарында пресс-кызматтар бар, бирок анын көп кызматчыларынын ММКлар менен иштешүү тажрыйбасы жок. Андыктан журналисттер менен жөн гана өнөктүк алар үчүн чоң тажрыйба болот. Тренингдин максаты – бийлик органдары менен журналисттер ортосундагы өз ара катнашты мыктылоо ийгиликтүү өтүп, чоң кызыгууну туудурду. Менимче, бул иш-чараны мындан ары улантуу керек».





# АКТУАЛДУУ МАЕК



## Тажикстандын акыйкатчысы: «Биз арыздарды баарынан ылгабай кабыл алабыз»

*Былтыркы жылдын май айынын аягында Тажикстанда биринчи жолу акыйкатчы дайындалды. Бир жыл ичиндеги жүргүзүлгөн иштин натыйжасы, алдыдагы максаттар, өлкөдөгү адам укугун коргоо тармагындагы кырдаал тууралуу өз баасын IWPRге болгон маегинде Тажикстандагы адам укугу боюнча Ыйгарым милдетин аткаруучу Зариф Ализода.*

Маекти Парвина Хамидова, IWPRдин Тажикстан боюнча редактору алып барды.

**IWPR:** *IWPR: Сиз акыйкатчы болуп дайындалганыңызга май айында бир жыл болду. Укук коргоочунун ролунда өзүңүздү кандай сезип жатасыз?*

**Ализода:** Бул жыл биздин уюм үчүн сынак болду... Бир жылдын ичинде биз көп нерсе жасадык. Алгач, институционалдаштыруу баскычын өтүп, уюштуруу маселелерин чечтик... Андан башка, бизде 2010-жылга кенен план иштелип чыкты. Ал биздин жумуштун негизги багытын аныктап, адам укугун коргоо ыйгарым аппаратынын кийинки бекемделишине шарт түзөт.

Ал республиканын аймактарында, жер-жерлерде коомдук кабыл алуу жайларын түзүүнү шарттайт. Азырынча анын так саны белгисиз, баары биздин уюштуруучулук жана каражатжабдуучулук мүмкүнчүлүгүбүзгө байланыштуу болот. Азыр биз колдоо көрсөтө алган донорлорду издеп жатабыз. Алгач, облустук борборлор: Кожент, Коргон-Төбө жана Хорог, андан башка Вахдат, Турсунзаде, Куляб, шаарларында жана Рашт районунда кабылдамаларды ачууну максаттадык.

Областтардагы биздин өкүлчүлүктөрдүн ачылуу идеясы – биздин ишти мүмкүн болушунча мобилизациялоо. Башкача айтканда, жергиликтүү маселелерди жер-жерлерде чечип, калгандары биздин борбордук кеңсеге багытталат.

Андан башка, биз башка документтерди иштеп чыктык. Анын ичинде ТРнын мыйзамында" Адам укугу боюнча ыйгарым милдетти аткаруу" тууралуу институт алдында адистик кеңеш жөнүндө жобо иштелип чыкты. Бул түрдүү түзүмдөрдө, анын ичинде, адам укугун коргоо менен алектенген бейөкмөт уюмдардын адистеринен турган кеңешчи орган болот. Адистик кеңештин алдында зарылчылык болсо, атайын багыттар боюнча жумушчу топтор түзүлөт. Азыр ал топ жаңыдан түзүлүп жатат.

Ыйгарым милдетин аткаруучунун ишкердүүлүгүнүн башка багыты – жылдык докладды даярдоо. Анын бет ачаарын мен февралда тартуулайм. Анын үстүндө биздин коомдук кабылдамалар да иштейт. Ал аймактагы кырдаалды так чагылдырып турууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Демек, адам укугун коргоо боюнча акыйкатчынын Институту жаран укугун коргоо маселелер боюнча бардык мамлекеттик түзүмдөрдү жөнгө сала турган орган болушу керек.

Биздин түзүм жаңы, ошондуктан биз жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн жарыя китепчелерин чыгардык. Июнь айынан баштап өлкөнүн аймактарында биздин иш, милдет жана ыкмаларыбыз менен тааныштыруу жана кызматташтык мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында бир нече семинар өтөт. Ал семинарларда биздин өкүлдөрдөн башка жарандык коомдун өкүлдөрү катышат.

Өз ишим жөнүндө айтып өтсөм. Бул жумуштун эң жагымдуу жагдайы, биз адамдардын укугун коргоого жардам бере алгандыгыбызда... Бирок, ар бир адам
эле өз арызында калыс эмес. Мыйзам чегинде туура эмес ой жүгүртүп жаткандыгын далилдөө кээде өтө кыйын болот.

**IWPR:** *Акыйкатчы болуп иштегениңиздин натыйжалуу үзүрү мисалы, так сан түрүндө канчага жетти?*

**Ализода:** Акыйкатчылыкка 27-май күнү дайындалганым менен, иш жүзүндө биздин институт былтыркы жылдын сентябрь айында толук кандуу иштеп баштады. Ал убакыт ичинде бизге жарандардан 895 кайрылуу, анын ичинде 300 кат түрүндө, калганы оозеки түштү.

Биздин кеңсенин кабылдамасында жарандарды нөөмөтчү күтөт. Андан башка күнүгө институттун жетекчилиги кабыл алат. Менин кабыл алуу күндөрүм мисалы, шаршемби, ишемби. Башка күндөрү акыйкатчынын аппаратынын жетекчиси жана бөлүм башчылары иштейт.

Бизге жарандардын түрдүү катмарлары кайрылат. Көп суроо сот актылары боюнча пайда болот. Мындай арыздар жалпы кайрылуулардын жарымынан көбүн түзөт. Сот өкүмү менен макул болбой, арызданат. Алардын мыйзамдуулугуна шек санашат. Адамдар укук коргоо органдарынын, жергиликтүү аткаруу бийликтин иштерине, иш берүүчүнүн мыйзамсыз жумуштан бошотуусуна наараzы.

Тажикстан жарандарынан бөлөк чет өлкөлүк жарандар же, жарандык укугу жок адамдар кайрылат. Биз баарынан ылгабай арыздарды кабыл алабыз.

Кайрылган чет өлкөлүк жарандардын ичинен Афганистан жарандарынын үчүнчү өлкөгө, мисалы Канадага көчүп кетүүгө көмөк көрсөтүүнү өтүнгөн арыздар көп. Бул учурда биз БУУнун качкындар боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгынан мындай көчүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат гана алып бере алабыз. Көбү кабыл алып жаткан тарапка байланыштуу болот.

Россияга көчүп кеткен биздин мекендештерибизден кайрылуулар бар. Мисалы, биз-

ге мурун Тажикстанда жашаган Россиянын жараны кайрылды. Ал 90-жылдардын башында жумуштан майып болуп, бирок 1992-1997-жылдардагы белгилүү окуялардын кесепетинен (жарандык согуш) майып болгон фактысын далилдеген документтерин жоготуп алган. Биз Акыйкат министрлиги жана Тажикстандын Акыйкат кеңеши менен бирдикте документин кайра калыбына келтирүүгө көмөк көрсөттүк.

**IWPR:** *Сиз даярдап жаткан билдирме жөнүндө сөз кылдыңыз. Анда кайсы жагдайлар маанилүү болот. Кайсы тармакта укук бузуу сизди тынчсыздандырат?*

**Ализода:** Ар бир квартал боюнча биз ишибизди жыйынтыктайбыз. Бир багытты аныктоо өтө кыйын. Бизге түшкөн арыздар боюнча, адамдарды сот органдарынын чечимдери тынчсыздандырат. Менимче, бул сот-укуктук реформалоо программаны аткаруудагы биздин мыйзамдын өзгөрүүсүнө байланыштуу.

Бул жылы сотторго жаңы ыйгарым (мисалы, камоого уруксат, ж.б. ) берген, жаңы кылмыш-жараяндык кодекс күчүнө кирди. Менимче, ошондон улам сот органдарына каршы арыздар көбөйдү. Эми алардын саны көбөйөөрүнө шек жок.

**IWPR:** *Тажикстандын сотунда адам укугу көбүрөөк бузулат деп айтсак болобу?*

Ализода: Жок, мен антип айткан жокмун. Көп кайрылуулар соттордун күнөөлүүлүгүн далилдебейт. Алардын ыйгарымы көбөйдү, демек, жоопкерчилиги да жогорулады. Бул арыздар дайыма эле реалдуу болбойт. Сотто, жеңилген тарап дайыма нааразы болуп калат.

Жаран-өкүм менен макул болбой, бизге кайрылган мисалдар бар. Биз текшерип чыгып, мыйзам бузууларды тапкан жокпуз. Ал адамга түшүндүрүп келгенде ал өзүнүн оюн гана туура деп кежирленет.

**IWPR:** *Сиздин мартабаңыз, башка мамлекеттик түзүмдөргө караганда, эл алдында көп жүрүүнү шарттаганы менен бул жылы сиз кээ бир оркоюп көрүнгөн адам укугун бузуу фактыларына көңүл кош мамиле кылдыңыз. Мисалы, бир нече жолу ММКлар тарабынан чагылдырылган Рогун ГЭСинин акцияларын зордоп таратуу. Эмнеге сиз кайрылуу же кепилдемелериңиз менен чыккан жоксуз?*

**Ализода:** Акциялар зордоп таратылууда деп айтканга каршымын. Ооба, прессада бул темадагы макалаларды көргөм. Бирок бул жагдай боюнча бизге эч ким кайрылган жок.

Эгер кандайдыр бир арыздар жөнүндө айтсак, мен албетте, караштырам. Азырынча андай кадамга барган жокмун. Анткени зарылчылыгын көргөн жокмун. Эгер ушак-айың сөз жүрүп жатса, бул кайрылуу менен чыгуу себеби эмес.

Рогун ГЭСинин акциялары жөнүндө сөз кылсак, президент Рахмон өзү расмий түрдө акциялар өз эрки менен таратылат деп жарыялаган. Мекенин сүйүп, сатып алууга мүмкүнчүлүгү болсо, акция сатып алууга тийиш. Мен ал жарыя менен макул болом. Рогун Тажикстан үчүн тагдырлуу долбоор жана өлкөнүн келечеги үчүн олуттуу мааниге ээ.

Ал эми менин элге көп чыгуум боюнча, былтыркы жылы прессада абдан көп чыгып тургам.

**IWPR:** *Кээ бир белгилүү жагдайлар тууралуу атайын сурагым келди. Мен Исфарадагы 30 тургунду камакка алуу фактын эске салгым келет. Анын адилеттүүлүгүнөн мурунку башкы прокурор Бобожон Бобохонов күмөн санады.*

Редакциянын эскертүүсү: 2009-жылдын июнь айында Исфаранын 31 тургуну прокуратура азыраак мөөнөт сураганына карабай 25 жылга эркинен ажыратылган. Алар куралдарды мыйзамсыз сактоо, акча уурдаганы, салыктарды жашыргандыгы үчүн жазаланышкан.

Ошондой эле андан кийин камакка алынгандардын адвокатынын кайрылуусун басып чыккан үч гезитке [«Азия-Плюс», «Фараж» жана «Озодагон»] каршы соттук териштирүү башталды. Бул ишке сиздин көз карашыңыз кандай, [адвокат] Жураевдин кайрылуусу сизге дагы каршы даректелген эле?

**Ализода:** Исфаралыктар жөнүндө: алар убагында бизге кайрылгын, бирок иши соттун карамагында болгондуктан биз алардын бардык арыздарын сотко тапшырып бердик.

Исфаралыктардын өзүнө сотто кызыкчылыктарын жактоо жөнүндө кепилдемелерди берип, бул жараянда өз кызыкчылыгын кандайча туура алып баруу жөнүндө сунуштарыбызды айттык.

Адвокаттын кайрылуусу боюнча, ал жерде абдан олуттуу, паракорлук жана ушу сыяктуу кылмыштар козголгондуктан мыйзам боюнча биз кылмыш иштерин караштырууга укугубуз жок. Андыктан биз арыздарды Башкы прокуратурага териштирүүгө жибердик.

**IWPR:** *Азыр үч гезитке каршы жүрүп жаткан жараянды сиз сөз эркиндигине болгон басым катары баалай аласызбы?*

**Ализода:** Биздин өкүл бул сот териштирүүсүндө катышып жатат. Сот жүрүп жатканда биз бул ишке сын айта албайбыз. Басым деп атоо да болбойт.

**IWPR:** *Тажик абактарындагы абал дагы бир көйгөй.... Айтыңызчы, пенитенциардык мекемелерге эркин каттоо укугуңуз барбы? Абактагылардын абалы жөнүндө эмне билесиз? Тажикстан кол койгон эл аралык документтерге алардын камакка алынуу шарттары кандай деңгээлде жооп берет жана аларды мыктылоо үчүн сиз кандай аракеттерди жасадыңыз?*

**Ализода:** Мыйзам боюнча мен бардык пенитенциардык мекемелерге каттоого, алардын шарты менен таанышууга укугум бар. Жакынкы мезгилде абактар менен таанышууга ниеттенип турам. Жеке өзүм барам.

Ооба, мен билем. Ал жерде көп көйгөйлөр бар. Көп эркинен ажыратууучу жайлар эски. Өткөн кылымдын 30-жылдары курулгандары кездешет. Имараттар өз милдетин аткарууга шарттталган эмес. Бул маселени чечүүгө мезгил келип жетти. Биздин мамлекет бул себеп менен донорлорго кайрылып, жардам сураган. Каражат табылса, биздин өлкөдө жаңы түзөтүүчү жайлардын имараты курулат. Акыйкатчынын Институту бул маселени үзгүлтүксүз көтөрүп турат жана колдон келишинче аны жылдырууга аракет кылат.

Эгер кыйноолор жөнүндө айтсак, бул маселе мындай мекемелерде эле кездешпейт...

**IWPR:** *Ошол кыйноолор жөнүндө кенен-ирээк айтып өтсөңүз. Сиздин оюңузча бул маселе канчалык деңгээлде актуалдуу?*

**Ализода:** Бул маселе бар. Бизге кармоо жана суракка алуу маалында колдонулган кыйноолор тууралуу жарандардан бир нече арыз түштү. Биз бул багытта иштөөгө бел байладык. Анын ичинде бул кылмышка тиешеси бар мекемелер менен иштейбиз.

**IWPR:** *Жакында эле Тажикстанда болуп кайткан БУУнун Башкы катчысы Пан Ги Мун республикада алиге чейин кыйноолорго жана башка ырайымсыз адамгерчиликсиз жана басмырла-*

*ган жазалоо мамилесине каршы Факультативдик протокол ратификацияланбаганына назарын буруп, тезинен ратификациялоого чакырды. Бул суроого сиздин көз карашыңыз кандай?*

**Ализода:** Азыр биз бул документтин ратификациялоо мүмкүнчүлүгүн карап жатабыз. Бир нече тегерек стол уюштуруп, өкмөттүк түзүм, бейөкмөт жана эл аралык уюмдар менен бул суроого токтолууну туура таптык. Алардын ар биринин пикири кылдат анализди талап кылат.

Бул документти ратификациялоого акча-каражат дагы талап кылынат. Мисалы, кыйноо колдонгондо, зыян тарткан тарапка жардампул төлөп берүү. Андыктан биз бул маселени кылдат изилдеп, андан соң гана кепилдеме беришибиз керек.

**IWPR:** *Биздин өлкө ратификацияла-баган дагы бир эл аралык документ – аялдарды басмырлоону жоюу боюнча конвенциянын протоколу. Аялдардын укугун бузуу маселеси биздин өлкөдө өтө курч турат. Буга байланыштуу, мындай протоколду ратификациялоо боюнча иш-чараны алдыга жылдыруу милдетин өзүңүздүн мойнуңузга ала аласызбы?*

**Ализода:** Биз аялдар уюмдары менен абдан тыгыз байланыштабыз. Бул суроону бир нече жолу талкуулаганбыз. Гендердик теңдик маселесин көтөрүп, аялдарга каршы зордук-зомбулук жөнүндө көп сөз кылдык. Азыр бул протоколду ратификациялоонун мүмкүн болгон мөөнөтү тууралуу айтуу абдан кыйын.

Адам укугу боюнча Тажикстан иштей турган эл аралык документтер жетиштүү. Мисалы, Өлүм жазасын алып салууга байланыштуу Эл аралык пакттын жарандык жана саясий укук жөнүндө Факультативдик протокол, майыптардын укугу жөнүндө Конвенция. Биз бардык багыттарда иштөөдөбүз.

**IWPR:** *Тажикстан мурунку Союздун башка өлкөлөрү менен бирге эле кылмыш мыйзамын гумандаштыруу багытында өзгөртүп жатат. Сиздин оюңузда биздин өлкө өлүм жазасынан толугу менен баш тартууга даярбы?*

**Ализода:** Постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөр үчүн кыйын суроо. Бир кырдуу эмес. Көбүн изилдеп, анализдеп чыгуу керек. Бул суроого шашып жооп берүү болбойт. Бул абдан олуттуу маселе.

**IWPR:** *Биздин өлкөдө дагы бир көйгөй – эмгек мигранттары. Өзүнүн парламентке болгон акыркы кайрылуусунда президент Эмомали Рахмон бул суроону чечүүгө атайын түзүм керектигин билдирди. Болочок түзүмгө кандай кеңеш бере аласыз? Өз өлкөсүнөн алыс жашаган, эмгектенген жарандарынын укугун мамлекет кандайча коргошу керек?*

**Ализода:** Биздин президенттин бул демилгеси өз убагында болду. Биздин өлкө, анын экономикасы үчүн мигранттар абдан баалуу. Атайын өкмөттүк түзүм абдан зарыл. Анткени азыр көп түрдүү мекемелер бул суроону чечүү менен алектенип жатат, аны көзөмөлдөө өтө кыйын.

Биздин уюм бейтарап тура албайт. Биз өз ыйгарымыбыздын чегинде чет мамлекетте жашаган, эмгектенген мигранттардын укугун коргоого көмөк көрсөтөбүз. Биз мигранттарыбыз бар Россиянын бир нече аймагындагы акыйкатчылар менен жакшы мамиледебиз. Ал эми Россия Федерациясынын адам укугун коргоо ыйгарым милдетин аткаруучу менен мамилебиз абдан мыкты десем болот...

Тажикстандын өзүндө да көп нерсе аткаруу керек. Биринчи ирет биздин мекендештерди жумушчу катары жалдоо боюнча мыйзамдуу келишим түзүү зарыл. Көп маселелер бул документтердин жоктугунан пайда болот. Ал эми иш билги, кесипкөй адистерди даярдоо бул башка суроо. Атайын окуу борборлорду ачуу зарылчылыгы пайда болот. Андан тышкары, биздин мигранттардын укуктук сабаттуулугун жогорулатуу абзел. Анткени чет өлкөдө дал ушул маселе көп кыйынчылыктарга алып келет. Орус тилин үйрөнүү деңгээлин да жогорулатуу шарттуу.

# АТАЙЫН РЕПОРТАЖ:

## Борбор Азия калктары ВИЧ илдети менен ооруган адамдардын санынын өсүшүнө тынчсызданышууда

*Калктын массалык миграцияга туш болушу бул илдеттин кеңири таралышына шыкак болууда.*

Дина Токбаева, Бексултан Садыркулов, Аслибегим Манзаршоева – Борбордук Азия

Жети айлык боюнда бар Нигора кандан анализ тапшыргандан кийин гана ал ВИЧ илдети менен ооругандыгын билген. Качан дарыгерлер бул жөнүндө анын күйөөсүнө айтышканда, ал акча табуу максатында чет өлкөгө чыкканда башка бирөөлөр менен жыныстык катнашта болгондугун мойнуна алган. Анын анализдеринин жыйынтыгы да ВИЧ илдетин алып жүргөндүгүн көрсөткөн.

«Мен мындай илдет жөнүндө билген эмесмин, ошондуктан сактанган да эмесмин», – дейт Нигоранын жолдошу.

Нигоранын ымыркайы таза төрөлгөн, бирок анын биринчи баласы эмчек сүтү аркылуу илдетти жугузуп алган.

Нигоранын тарыхы – бул аймактагы мындай тагдырга туш болгондордун бири гана. Тажикстан, Кыргызстан жана Өзбекстандан жүздөгөн адамдар, көбүнчө эркектер – узак убакыт бою чет өлкөлөрдө, көбүнчө Россияда болушат. Ал жакта алар ВИЧ илдетин жугузуп алуу коркунучуна дуушар болушат. Кээлери жыныстык катнашта сактанышпаса, кээ бирлери баңгизатты ийне аркылуу алуу менен жугузуп алышат. Өз ме-

кенине кайткандан кийин – ВИЧ оорусу жөнүндө билбегендиктен, же бул илдетти талкуулоодон уялышкандыктан улам башка бирөөлөргө бул илдетти жугузуп коюу коркунучу сакталууда.

Статистикалык көрсөткүчтөргө ылайык, Борбор Азия мамлекеттеринде ВИЧ илдетине кабылган адамдардын саны тез өсүүдө. Статистика көрсөткөндөй, бул илдеттин кеңири таралышы баңги затты ийне менен колдонгондордун арасында ийненин биргеликте колдонуусу, ошондой эле сактанбаган жыныстык катнашка баруу, кээ бир учурларда коммерциялык секстин кызматын колдонуу сыяктуу көрүнүштөр менен шартталууда. Толук статистикалык маалыматтын жоктугуна карабастан, ВИЧ өзүнчө социалдык топ катары каралган мигранттардын ичинде гана таралган илдет эмес экендиги айдан ачык.

Бирок мигранттардын башка социалдык топтордон айырмасы, эгер алар бул илдетти жугузуп алса, бүт Борбор Азия боюнча, түздөн-түз алардын өз мекениндеги үй-бүлөсү илдеттин курмандыгы болууда.

Макалада сөз жүрүп жаткан үч мамлекет – Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан – аймактагы беш мамлекеттен айырмаланып – бул мамлекеттердин калкынын көпчүлүк топтору эмгек мигранттары болуп эсептелет. Калктын бул көйгөй боюнча маалыматы жок болгондуктан улам, мигранттын кош бойлуу аялы анализ тапшырмайынча, ал жана анын үй-бүлөсү ВИЧ илдетин жугузуп алгандыгын билбей жүрө берген учурлар көп кездешет.

Эксперттердин пикиринде, калктын чакан топторунун ичиндеги баңгизат колдонуучулардын ийнени биргеликте колдонуусуна караганда, калктын миграциясы бул илдеттин кеңири масштабда жана тез таралышына алып келиши мүмкүн.

«Борбор Азиядагы эмгек мигранттарынын санына карап көрсөк – алар саны боюнча Кыргызстан менен Тажикстандын жалпы калкынын бештен бир бөлүгүн түзөт. Ушундан улам бул көйгөйдүн орчундуу экендигин билсек болот. Эмгек мигранттары калктын бир бөлүгүн түзүшөт жана алар баңгизатты ийне менен колдонгондор же бири-бири менен жыныстык катнашка барган эркектердин тобу сыяктуу өздөрүнүн тар чөйрөсү менен обочолонушпайт» – деди DanChurchAid, Даниянын жана Нидерландиянын гуманитардык уюму – Католиктик кайрымдуулук уюмунун эл аралык конференциясынын ВИЧ маселеси боюнча Борбор Азия офисинин программалык кеңешчиси Василий Эсенаманов.

«Расмий статистика көрсөткөндөй, бул илдет бара-бара бүтүндөй калктын арасында таралууда. Илдетти жугузуп алуу коркунучу, баңгизатты ийне менен колдонгондордун тар тобунда эле эмес, баңгизат колдонбогон жаш аялдардын жана жаш балдардын арасында да болууда. Бул өтө көйгөйлүү маселе, анткени илдет бүтүндөй калкка тез темп менен таркап кетиши мүмкүн.

Кыргызстан аялдар Конгрессинин жетекчиси Замира Акбагышеванын айтымында калктын стационардык бөлүгүнө караганда эмгек мигранттарынын ВИЧ илдетин жугузуп алуу коркунучтары чоң. Алардын өз үй-бүлөлөрүнөн алыс турушу, мурдагы социалдык нормалардан эркин болуусу, эмгек мигранттарынын жыныстык өнөктөшүн тез-тез алмаштырып туруусуна шарт түзүүдө.

### *ВИЧ илдети борбор азия өлкөлөрүндө жайылууда*

Декабрь айынын соңундагы көрсөткүчтөргө ылайык, Тажикстанда ВИЧ илдетин алып жүргөн 1853 адам катталып, анын 80 пайызын эркектер түзөөрү аныкталган. 2010-жылдын март айында бул көрсөткүч Кыргызстанда 2837 адамды түзүп, анын 70 пайызы эркектер экендиги такталган.

Эки өлкөдө тең илдетти жугузуп алуунун кеңири таралган жолу, медициналык ийнени экинчи жолу колдонуу болгондугу аныкталган жана илдетти жугузуп алгандардын көпчүлүгү баңгизатты ийне менен колдонгондор экендиги ачыкка чыккан.



*Жакында өлкөнүн түштүгүндө Ош шаарындагы ВИЧ/СПИД борбору анализ жүргүзүүгө жаңы техника алды (сүрөт Исомидин Ахмеджанов тарабынын даярдалды).*

Илдетти жугузуп алуунун дагы бир башка жолу, ооруканаларда таза эмес ийнелердин оорулууларга карата колдонулушу – ушундай жол менен Казакстандын түштүгүндө 2006-жылы 120 бала, андан эки жыл кийинчерээк Кыргызстанда 170 бала бул илдетке дуушар болушкан.

Март айында Fergana.ru аймактык маалымат сайты 2007 жана 2008-жылдары Өзбекстандын чыгышындагы Наманган облусунда медицина кызматкерлеринин шалаакы мамилесинен улам 150гө жакын бала бул илдетке кабылгандыгын маалымдаган.

Тажикстан менен Кыргызстанда бул илдетти жыныстык катнаш аркылуу жугузуп алгандар илдетти алып жүрүүчүлөрдүн жалпы санынын төрттөн бирин түзөт.

Өзбекстан боюнча акыркы статистикалык маалымат 2008-жылдын көрсөткүчтөрү болуп, ага ылайык өлкөдө ВИЧ илдети менен расмий катталгандардын саны 1250 адамды түзгөн. Бул көрсөткүч, ВИЧ илдетине кабылгандардын саны ошол мезгилде 7 млн. калкы бар Тажикстанга жана 5 млн. калкы бар Кыргызстанга салыштырганда, 27 млн. калкы болгон Өзбекстанда бир топ төмөн экендигинен кабар берет.

Бирок укук коргоочунун IWPRга берген маалыматына караганда, Өзбекстанда ВИЧ/СПИДге кабылгандардын саны бир топ

төмөндөтүлүп көрсөтүлгөн жана соңку эки жыл ичинде эч кандай статистика болгон эмес.

Ал жана анын кесиптештери жүргүзгөн иштер мигранттар илдетке чалдыккандардын аз пайызын гана түзөөрүн көрсөткөндүгүн айтты. Ошол эле мезгилде эмгек мигранттарынын санынын кескин өсүшү, илдетти жугузуп алган мигранттардын санынын да өсүшүнө алып келүүсүн эске алышыбыз керек. Бул маселенин дагы бир жагы, акча табуу максатында чет жакка көбүнчө аялдар кетип жаткандыктан, алардын көпчүлүгү сойкулук менен алектенип кетип жатышат. Бул өз кезегинде ВИЧ илдетин жугузуп алуу коркунучун күчөтүүдө.

Аты-жөнүн атагысы келбеген өзбек серепчисинин айтымында, жергиликтүү бейөкмөт уюмдардын жүргүзгөн изилдөөлөрүнө ылайык, 2009-жылы ВИЧ илдетин жугузуп алгандардын саны бери эле дегенде 7500 адамды түзүп, алардын 25-30 пайызы эмгек мигранттары экендиги такталган.

Тажикстанда ВИЧ илдети менен катталгандардын саны 2008-жылдагы 35 пайызга салыштырганда, 2009-жылы 30 пайызга өскөн. Дарыгерлер бул өсүү темпти, ВИЧ ооруларды аныктоо иштеринин жакшыргандыгы менен түшүндүрүшөт. Анткени БУУнун СПИД, кургак учук жана малярия менен күрөшүү фонду тарабынан каржылоонун болушу диагноздун бир топ так коюлушуна жардам берген.

Тажикстандагы миграция маселелери боюнча Эл аралык уюмдун аймактык долбоорунун улуттук координатору Катойон Фаромузова айрым эксперттер ВИЧ илдетине кабылгандардын так санын билүү үчүн расмий статистикалык көрсөткүчтөрдү он эсе көбөйтүш керек деген пикирин айткан. Бирок Фаромузова өзү, текшерүүлөр натыйжалуу болуп, кош бойлуу аялдардан бери камтыгандыктан расмий көрсөткүчтөр чындыкка жакын деген пикирде.

Тажикстандагы Республикалык СПИД борборунан Зухра Нурляминова жогорудагы пикирге кошулат. Анын айтымында калктын көпчүлүгү ВИЧ илдети боюнча текшерүүдөн өтүүгө даяр жана бүт өлкө боюнча мындай анализди текшерген клиникалар бар.

«Буга чейин өлкөдө экспресс тестер жок болуучу. Зарыл болгон техника да болгон эмес. Бул илдет жөнүндө калктын маалымдуулугу да өтө төмөн болгон. Бүгүнкү күндө алар теле аркылуу социалдык жарнамаларды, көчөлөрдө илинип турган банерлерди көрүшүүдө, ошондуктан текшерилүүгө болгон кайрылуулар көп болууда. Эгер мурда бул илдет боюнча анонимдик бөлмөгө эч ким баш бакпаса, азыр кайрылуулар бир топ көп», – деди ал.

***ВИЧ илдетинин жайылышына миграция канчалык деңгээлде таасир берүүдө?***

Чет жерде жүргөн мигранттардын ВИЧ илдетин жугузуп алуу фактыларынын санын тактоо – бир топ татаал маселе. 2009-жылы Тажикстанда мындай фактылардын расмий көрсөткүчү 197 адам болуп, бул илдетке чалдыккандардын жалпы санынын 11 пайызын түзгөн. Кыргызстан илдетке кабылгандарды эмгек мигранттары боюнча деп өзүнчө категорияга бөлүшпөйт, бирок расмий бийлик илдетке кабылгандардын ичинде бул категория кооптуу экендигин моюнга алат.

Энелерди жана балдарды коргоо Улуттук борборунун ымыркайлар боюнча патология бөлүмүнүн башчысы Сагынбү Абдувалиеванын айтымында, өлкөдөгү ВИЧ илдетине чалдыккандардын 20 пайызын эмгек мигранттары түзөт.

IWPR тарабынан сурамжылоого алынган Өзбекстандагы серепчи, бардык аймактардагыдай эле, Баңгизатты ийне менен колдонгондор илдетти жугузуучу кооптуу топтор болуп эсептелээрин, ал эми мигранттар менен жаман жолго түшкөн сойкулар – илдетти таратууда, экөө тең бирдей, экинчи орунда тураарын айтты. Ошондой эле ал, Өзбекстандык мигранттардын жалпы саны адистиги жок жумушчу эркектерден жана башка өлкөлөргө сойкулук менен алектенүү максатында чыгышкан аялдардан тураарын белгиледи.

Мигранттардын үй-бүлөсүндөгү ВИЧ илдетине чалдыккандардын ачыкка чыгышы расмий статистиканын жетишсиздиги менен татаалданат. «Дал ушул, илдетке үй-бүлөлүк деңгээлде кабылуу бир топ жашыруун жана каттоого алуу бир топ кыйынчылыктарды туудурат, анткени алар көмүскөдө жана белгилүү болгон кооптуу топторго кирбейт», – деди серепчи.

Эсенамановдун пикиринде, Тажикстанда жана Кыргызстанда расмий каттоодо бекитилген факты жок. Бирок ишмердүүлүгү Кыргызстан жана Тажикстандагы ВИЧ маселесине байланышкан көптөгөн уюмдар, эмгек миграциясынан кайтып келген аялы менен күйөөсүнөн тең илдетке кабылган фактыларынын санынын өсүп жаткандыгын тастыкташкан. Бул эмгек миграциясынын натыйжасында илдетке кабылгандардын санынын жана ВИЧ илдетинин акырындап бүтүндөй калк арасында тез таркап жаткандыгынан кабар берет.

Тажикстандагы СПИД боюнча Республикалык Борбордун ВИЧ илдетинин жайылышын алдын алуу боюнча адис Мохира Хамидова миграция менен илдеттин жыныстык катнаш аркылуу жайылуусунун ортосундагы байланышты карайт.

«Эгер мурда илдетти ийне аркылуу жугузуу 70 пайыздан ашыгын түзсө, бүгүнкү күнү бул көрсөткүч 54 пайызга чейин кыскарган, бирок илдетти жыныстык катнаш аркылуу жугузуу өсүүдө», – дейт Хамидова.

«Мен ВИЧ илдетин жугузуп алган кош бойлуу аялдар менен иштейм. Азыркы күндө Республикалык борбордо көзөмөлдө турган жалпы аялдардын – 102си кош бойлуу. Булардын 70 пайызы эмгек мигранттарынын аялдары. Биз аларды бейтапканаларда жана төрөтканаларда текшерүүдөн өткөрүп жатканда бул илдетке чалдыгып калгандыгы аныкталгандан кийин, алар бул илдетти эмгек мигранты болгон күйөөсүнөн жугузуп алгандыгын тактадык», – деди ал.

Нурлямова илдетти жугузууда мигранттар негизги ролду ойнойт деген пикирге кошула бербейт.

«Илдетти негизги таратуучулар – эмгек мигранттары деп айтуу тура эмес болуп калат. Менимче негизги таратуучулар баңгизат колдонгондор. Ал эми эмгек мигранттары – болгону 11 пайызды түзөт», – деди Нурляминова.

Фаромузова болсо Тажикстанда эмгек мигранттары илдетти жугузууда кооптуу топ экендигин айтат.

«Эгер жаш эркек өз үй-бүлөсүнөн алыстап көп убакытка чет жакка кетсе, ал бул илдетти жугузуп алуу коркунучуна туш болот. Бир жагынан бул алардын ушундай социалдык шартка туш болушу менен түшүндүрүлсө, экинчи жагынан алар үй-бүлөсүнөн алыс тургандыктан анын психологиялык жана башка бардык керектөө муктаждыктары сакталып калат. Жаштар ата-энесинин таасиринен алыстап, өздөрүн бир топ эркин сезишет, ушул өңүттөн алганда алар илдетти жугузуп алуу коркунучуна дуушар болушат», – дейт Фаромузова.

Эсенамановдун, «мигранттар такай көзөмөл жүргүзүүнү талап кылган маанилүү топ», - деген пикиринин себеби, алар калктын жалпы санынын олуттуу бөлүгүн түзүшкөндүгүндө. Буга Кыр-

гызстан менен Тажикстандын калкынын бештен бир бөлүгүн мигранттар түзгөндүгү мисал.

Эмгек миграциясында жүргөн элдин саны – Кыргызстандан 400 миңден 1 миллионго чейин, Тажикстандан 600 миңден 1,5 миллионго чейин, Өзбекстандан 1 миллиондон 4 миллионго чейин өзгөрүп турат. Алардын көпчүлүгү Россияга барышса, анча көп эмес бөлүгү Казакстанга барышат. Эсенамановдун пикиринде, бул эмгек мигранттары сойкулук менен алектенген кызматкерлер, баңгизатты ийне менен колдонгондор сыяктуу кооптуу топторго караганда салыштыргыс көп экендигин көрсөтүп турат.

### *Мигранттар вич илдети жөнүндө аз билишет*

Россия жана Казакстанда жүрүшкөн эмгек мигранттары негизинен кара жумуштарда иштешет жана иш ээлери менен жергиликтүү милиция тарабынан ар кандай басынтууларга дуушар болушат.

Россия жана Казакстан мамлекеттеринин иммиграциялык бийлигинин бирден бир талабы, өлкөгө кирип жаткан мигранттар ВИЧ илдетине карата текшерүүдөн өтүүсү шарт. Бирок Кыргызстандан, Тажикстандан жана Өзбекстандан келген жумушчулардын көпчүлүгү бул иш-чарадан качып, көмүскө экономикада мыйзамсыз иштеп жүрүшөт.

СПИД боюнча тажик Борборунан Матлюба Рахманова, алардын клиникасы күн сайын мыйзамдуу кетип жаткан ондогон мигранттарды текшерүүдөн өткөрүшсө, алардын 1% ВИЧ илдетин алып жүрүүчүлөр болуп чыгаарын айтты. «Көпчүлүк мигранттар чет жакта мыйзамсыз иштеп жаткандыктан, мындай справкасы жок эле кетип жаткандыгын унутпашыбыз керек», – дейт ал.

«Эмгек мигранттары алсыз топ экендигин түшүнүшүбүз керек. Алар өз үй-бүлөсүн багуу максатында чет өлкөлөрдөн жумуш издешет. Көбүнчө маяна аз төлөнгөн, туруктуу эмес жумуштарда иштешет жана дайыма Россиянын жергиликтүү бийлиги жана жергиликтүү калкы тарабынан кысымдарга дуушар болушат. Алардын баары эмес, бирок көпчүлүгү анча билими жок айыл жеринен чыккан жаштар. Жыныстык жол менен жугуучу бул илдет жана анын алдын алуу жолдору, ошондой эле репродуктивдүү ден соолук тууралуу маалымат берүүчү программалар жана материалдар өтө эле аз. Биздин изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыгы көрсөткөндөй калктын ВИЧ илдетин жуктуруп алуу коркунучу тууралуу маалыматы өтө төмөн. Булардын баары алардын сактанбай жыныстык катнашка баруусуна себеп болууда», – дейт Рахманова.

Эсенамановдун айтымында, ВИЧ илдети сойкулар менен болгон жыныстык катнаш аркылуу жугушу мүмкүн. Ал Санк-Петербургдагы «Гуманитардык аракет» Фонду тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгына токтолуп өттү. Ага ылайык, коммерциялык секс менен алектенген жумушчулардын 50 пайызы баңги затты ийне менен колдонгон адамдар жана бул категорияга кирген адамдардын 95 пайызы ВИЧ илдетине кабылгандар.

«Ошондуктан коммерциялык секс кызматкерлеринин кызматын колдонгондор үчүн ВИЧ илдетин жугузуп алуу коркунучу чоң. Мигранттар презервативди колдонушпайт, анткени алар ВИЧ илдетин жугузуп алуу коркунучу бар экендигин жана сактануу зарылчылыгын билишпейт. Өздөрү ВИЧ илдетин жугузуп алгандыгын билишпей, Натыйжада өз мекенине кайткан мигранттар өздөрүнүн аялдарына бул илдетти жугузушат», – деди Эсенаманов.

Баңги затты ийне менен колдонгон жана ага көз каранды болуп калган эмгек мигранттары да ВИЧ илдетин жугузуп алып аны өз аялдарына да жугузушу мүмкүн. Замира Акбагышеванын айтымында, ВИЧ илдетинин күйөөсүнөн аялына жугуп жатышы олуттуу көйгөйгө айланууда.

Мурдагы жана учурдагы эмгек мигранттарынын IWPRдын журналисттерине берген маеги алардын ВИЧ илдети жана анын таралышы, ошондой эле алдын алуу жолдору тууралуу эч маалыматы жок экендигин көрсөттү.

«Биздин гастарбайтерлер чукул кырдаалда гана жардамга келишет. Мисалы өндүрүштөн жабыр тартканда. Мигранттардын арасында билимдүүсү да, билимсизи да бар, билимдүүлөр ВИЧ илдетинен сактанышат, билимсиздер болсо сактануунун зарылдыгын да билишпейт», – дейт Москвадан кайтып келген Жалал-Абаддык Юлдаш аттуу жаш жигит.

Жасур Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында медицина бөлүмүнүн студенти. Ал да бир аз убакыт Россияда иштеп келген. Анын айтымында, ал тааныгандардын көпчүлүгү ВИЧ илдети жөнүндө жакшы билишпейт. Алардын кээ бирлери ийне сайынуу менен баңги зат колдонуп, бул илдетти жугузуп алуу тобокелине барышса да, Жасурдун пикиринде, мигранттардын ичинде ВИЧ илдетинин жыныстык катнаш менен жайылуусу биринчи орунда турат.

Өзбекстандык укук коргоочу, «эмгек мигранттарынын басымдуу көпчүлүгү ВИЧ/СПИД эмне экендигин, анын коркунучтуулугу, жугуу жолдору жана алдын алуу чаралары тууралуу жакшы түшүнө беришпейт. Көпчүлүгү ВИЧ илдети эмне экендигин такыр эле билишпейт», – деген пикирди колдой тургандыгын билдирди.

### *Маалыматтын жоктугу; аялдар айтуудан уялышат*

Салтты катуу кармаган айыл жерлеринде аялдар өз күйөөлөрүн текшерүүдөн өтүүсүн же презервативдерди колдонуусун талап кыла алышпайт; же алар да ВИЧ илдети жөнүндө эч нерсе билишпейт. Өз күйөөсүнөн ВИЧ илдетин жугузуп алган аялдардан төрөлгөн балдар да бул илдетке кабылат. Анткени ал аялдар бул илдеттин энеден балага вертикалдуу берилүүсүнөн сактап калуу же алдын алуу жолдорун билишпейт.

Нурламинова эркек мигранттар өздөрүнүн ВИЧ илдетин алып жүргөндүгүн билишпейт деген ойго кошулат. «Алар өздөрүнүн оорулуу экендигин качан гана кош бойлуу аялы ВИЧке карата текшерүүдөн өткөндөн кийин билишүүдө», – дейт ал.

Эгер эркек ВИЧ илдетине кабылгандыгын билсе, түгөйлөрдүн ортосунда сүйлөшүү бир топ ачык өтөт, эгер аял биринчи билсе, бул жөнүндө күйөөсүнө кантип айтаарын билбей, күйөөсүнүн көзүнө чөп салган делип күнөөсүз айыпталуудан коркуп, үн катпай айлар бою жүрүшү мүмкүн.

Айыл жерлеринде бул илдет боюнча калктын маалымдуулугу өтө төмөн.

«Шаардыктар бул көйгөй боюнча бир топ жакшы билишет. Алар СПИД жөнүндө угушкан жана илдеттин таралышы жөнүндө маалыматы бар, ошондуктан жыныстык катнаш мезгилинде абайлап сактана алышат. Ал эми айыл жеринен чыккан жаштар дээрлик же такыр эле эч нерсе билишпейт», – деди Нурламинова.

«Эмгек мигранттарынын дагы бир өзгөчөлүгү, алар айыл жеринен чыккан жөнөкөй жаштар жана эч качан презерватив колдонушпайт. Качан алар менен сүйлөшө келгенде, алардын кээ бирлери презерватив эмне экендигин өздөрүнүн аялдары сыяктуу эле билишпегендигине күбө болосуң», – деди ал.

Даниялык чиркөөлүк жардам көрсөтүү программасынын координатору Пия Дюрхаген эки жыл мурда жергиликтүү уюмдар менен биргеликте ВИЧ миграция долбоорун баштаган. Анын айтымында ВИЧ илдетин жуктурган адамдар ар дайым чоң кысымдарга дуушар болушат. «Кошуналары, айылдаштары, жада

калса үй-бүлө мүчөлөрү ал менен сүйлөшүүдөн баш тартышып, көчөдө бет маңдай чыкканда артын салып бурулуп кетишет. Мектеп баласынын ВИЧ илдети менен ооруганын билгенден кийин, мектеп директору ал балага мектепке келүүгө тыюу салган фактылар катталган. Биздин бейөкмөттүк өнөктөштөрүбүз Тажикстанда мигрант күйөөсүнөн ВИЧ илдетин жугузуп алган жаш аялдардын ичинде өзүн-өзү өлтүргөн фактылардын орун алгандыгын айтышты.

«Булардын баары калктын бул илдет боюнча жетиштүү маалыматы жок экендигинен кабар берет», – деп кошумчалады ал.

Калктын мындай маалыматтан сыртта калуусуна билим берүү программаларындагы мүчүлүштүктөр да себеп болууда.

«Бул илдеттин эмгек мигранттары тарабынан бүтүндөй калкка тароо коркунучу – өтө көйгөйлүү маселе. Борбор Азияда баңгизатты ийне менен колдонгондор жана сойкулук менен алектенген аялдар жок эле дегенде жети жыл бою атайын маалымат алып турушат. Жыныстык катнаш аркылуу таралуучу оорулар жөнүндөгү маалымат бүтүндөй калкка эч ким тарабынан таркатылбайт. Бул илдет жөнүндөгү маалыматтар системалаштырылган эмес жана анча кызыгууну туудурбайт, ал эми миграниттык топтор донордук уюмдардын маанилүү деп эсептеген тизмесине кирбейт. Секс жана презервативди колдонуу темаларына катуу тыюунун болушу, бул теманы мектептерде жана мамлекеттик мекемелерде талкуулоону кыйындатат», – дейт Эсенаманов.

ВИЧ илдетин алып жүргөн адамдар «медициналык мекемелерде, бийлик өкүлдөрүнүн жана диний лидерлердин арасында» стигмага, басмырлоого айланып калып жаткандыгын белгиледи.

«ВИЧ илдетинин жайылышын кыскартуу үчүн, бардык тарапты сүйлөшүүлөргө тартып, көйгөйдү ачык жана өз-ара түшүнүү жолу менен талкууласа болот», – деп кошумчалады ал.

### *Өкмөт чара көрүүгө киришүүдө*

Аймактагы өлкөлөр илдетти таратууда мигранттар коопТуу топ экендигин түшүнө башташты. Алар бул жаатта калктын маалымдуулугун көтөрүү максатында атайын иш-чара өткөрүшү керек.

Хамидова Тажикстанда эмгек мигранттарынын аялдары беш категориядагы аялдардын бир категориясына кирээрин жана алар төрөт үйлөрүндө же каттоодо турган дарыгеринде милдеттүү түрдө текшерүүдөн өтүшөөрүн белгиледи.

«Бул тесттен өтпөгөндөрдү дарыгер көрүүдөн баш тартат. Өткөн жылы бардык медициналык мекемелердин ВИЧ илдетине карата экспресс-анализ жасоочу техника менен камсыздалышы илдетке кабылгандарды аныктоо иштерин жакшыртууга мүмкүнчүлүк берди. Илдетти жугузуп алгандар баңгизатты ийне менен колдонгон эркектердин аялдары, баңгизатты өзү колдонгон аялдар жана сойкулук менен алектенген аялдар», – деди ал.

Эсенамановдун айтымында, Кыргызстандын жана Тажикстандын өкмөттөрү өздөрүнүн ВИЧ илдети боюнча мамлекеттик стратегиясында эмгек мигранттарына өзгөчө көңүл бөлө баштакашкан. Ал жетектеген уюм Кыргыз жана Тажик бийликтери тарабынын натыйжалуу жоопторду алган жана учурда негизги көйгөй ВИЧ илдетинин жайылуусун кыскартуунун натыйжалуу жолдорун табуу болууда.

Өзбекстанда жакынкы күндөрү кабыл алынган мыйзам боюнча ВИЧ илдетине карата тест бекер жана жашыруун өткөрүлөт. Бирок мигранттарга өзгөчө категория катары көңүл бөлүү негизги милдет.

«Өзбек бийлиги эмгек мигранттарын баңгизатты колдонгон адамдар жана сойкулук менен алектенген аялдар сыяктуу коопТуу топ катары карабайт. Ошондуктан ал топко карата ВИЧ илдетин текшерүү, каттоого алуу жана алдын алуу иштери милдеттүү түрдө аткарылбайт», – деди Өзбекстандык аналитик.

Өзбекстандык укук коргоочунун айтымында, өкмөттүн ВИЧ илдетинин жайылышына каршы күрөшүү аракетине карабастан, көйгөйгө тиешелүү маалыматка жана статистикалык көрсөткүчтөргө карата катуу чектөөлөр бар. Бул көйгөйдү калкка түшүндүрүүгө багытталган басма баракчаларды бийлик «порнографиялык» мүнөздөгү материал деп күнөөлөдү.

Өзбекстандагы психолог Максим Поповдун ийне жана жыныстык канаш аркылуу таралуучу бул илдет жөнүндө жаштардын маалымдуулугун жогорулатууга багытталып жазылган китеби балдарды баңги заттарды колдонууга чакырган, ошондуктан бул мыйзамсыз деп эсептеп, ал үчүн китептин автору сот жообуна тартылып жети жылга эркинен ажыратылган. Попов «Изис» аттуу топту жетектеген. “Ал топ ВИЧ/СПИД илдетин оздуктоо боюнча баңгизат колдонгондор жана секс-кызматкерлери менен иш алып барган, ошондой эле баңгизат колдонуучулар үчүн ийнени алмаштыруу боюнча программа жүргүзгөн.

Борбордук Азиядагы донордук уюмдар жакынкы күндөргө чейин эле мигранттарды приоритеттүү топ катары карашкан эмес. Учурда абал өзгөрдү, бир катар эл аралык жана жергиликтүү бейөкмөт уюмдар ВИЧ илдетинин жайылышын оздуктоо боюнча, аларга чыккан бардык тараптар менен биргеликте иш алып барууда. Бул тууралуу IWPRга Эсенаманов билдирди.

«Долбоордун башталганына бир жыл болсо да, көптөгөн натыйжалуу жыйынтыктар бар. Бул долбоорду улантууга жана анын




*Көпчүлүк мигранттар өздөрүнүн Россия мамлекетине болгон узак жол сапарын автобуста өткөрүшөт (Сүрөт Бексултан Садыркулов тарабынан даярдалды).*

масштабын кеңейтүүгө мүмкүн деген биздин үмүтүбүздү жаратууда», – дейт ал.

ООНдун Глобалдык фондунун ВИЧ/СПИД, кургак учук жана малярея ооруларына каршы күрөшүү долбоорунун координатору Бонивур Ишемкулов, бир катар бейөкмөт уюмдар башка коопТуу топтор менен катар мигранттарга да өзгөчө көңүл буруп жаткандыгын айтты.

Мигранттар арасында ВИЧ илдетин оздуктоо долбоору, ВИЧ илдетин көзөмөлдөө боюнча Борбор Азиялык долбоордун бир бөлүгү катары, өткөн жылдын декабрында ишке киргизилди. Анын бюджети 27 миллион долларды түзүп, ал Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы жана эл аралык өнүгүүнүн Британиялык департаменти тарабынан каржыланат. Тажикстандын борбору Дүйшөмбүдөгү Билим берүү борбору Кыргызстанда, Казакстанда, Өзбекстанда жана Тажикстандын өзүндө иштин жүрүшүн координациялап турат.

Ал эми Кыргызстанда Аялдар Конгресси тарабынын ВИЧ илдетин оздуктоо боюнча үстүбүздөгү жылдын февраль айынан

жүзөгө ашырыла баштаган долбоор, маалыматты түздөн-түз мигранттарга берип туруу максатын көздөйт.

«Биздин машыктыруучу-тренерлерибиз базарларга, аба майдандарына жана темир жол станцияларына барышып, атайын маалымат баракчаларын таратышууда. Максат мигранттардын бул илдет жана андан сактануунун жолдорун билип-түшүнүүсүнө жардам берүү болуп эсептелет», – дейт аялдар Конгрессинин өкүлү.

Сурамжылоого алынган талдоочулардын көпчүлүгү, калктын бул илдет тууралуу маалымдуулугун жогорулатуу иш-чаралары зарыл экендигине карабастан, бул акча табуу үчүн чет мамлекеттерге чыгып жатышкан өзбектер, кыргыздар жана тажиктер кооптуу деп эсептелген топтор менен эсептешиши керек дегенге жатпай тургандыгын баса белгилегенге аракеттеништи.

Дарыгер Фаромузова, «мигранттар – жумушчу күчүнүн бир топ демилгечи тобу, алар басмырлоонун, коркунучтун жана шермендечиликтин мишени болуп калбашы керек», – деген оюн билдирди.

«Алар өз үй-бүлөсүн камсыздап жатканы аз келгенсип, өлкөдөгү социалдык чыңалууну төмөндөтүп жатканы аз келгенсип, алар өз мекенинин өнүгүшүн камсыз кылып жатканы аз келгенсип, аларга ушундай жардыкты таңуулоо туура эмес», – деди ал.

Замира Акбагышева мындай пикирди колдойт. «Биз мигранттарды садага чалбашыбыз керек. Биз алар менен ачык иштешишибиз керек», – деди ал.

## Гуантанамонун мурунку туткундарынын ишин кайра карап чыгуу чакырыктары

*Ислам жоокесептерине кошулганына айыптуу деп табылган эки адамдын иши кайра каралып, абак мөөнөтүнүн кыскарышы талаптуу, дейт юристтер*

Дабири Кабир, Далер Гуфронов, Парвина Хамидова – Борбор Азия

Юристтердин айтымында 2007-жылы АКШдан кайтарылып, Тажикстандын абактарында мөөнөтүн өтөп жаткан Гуантанамонун эки туткунун мындан ары кармоо негизсиз болууда.

29 жаштагы Мукит Вохидов жана Рукниддин Шарофов беш жыл төрт ай Афганистанда, андан соң Гуантанамо абагында отуруп, 2007-жылы Тажикстанга кайтарылып келээри менен дароо кармалып сот жараяны болгон. Алар Өзбекстандын Ислам кыймылына (ИДУ) катышкан жана чек араны мыйзамсыз бузуп өткөн деп айыпталып, 17 жылга эркинен ажыратылган.

IWPR Тажикстандын прокуратурасы ишти карап чыгып, натыйжасында абак мөөнөтү кыскараарын божомолдойт.



*Вохидов жана Шарофовдун иши боюнча сот жараяны Дүйшөнбү ш. (фото радио «Озоди»)*

Вохидов менен Шарофов Афганистандын түндүгүндөгү Кундуз шаарынан Түндүк альянстын талибдерге каршы күчтөрү тарабынан кармалып, кийинчерээк АКШнын карамагына тапшырылган.

АКШ бийлиги тарабынан 20040-жылы эки кармалган адамдын көрсөтмөлөрү алар АКШнын өкмөтүнө каршы террордук уюм – ИДУнун мүчөсү болгондугун күбөлөйт.

Документтерде Вохидов 2001-жылдын январь айында Тажикстандын батышынан тик учак менен Афганистанга келгенин, ошол эле учурда Шарофов да жеткирилгени айтылат.

Гуантанамо соту Вохидовдун ишин кайра карап чыгууда Шарофов күбө катары өткөн, анын айтымында 2000-жылы ИДУ аларда ыктандырып үгүттөп алган. Андан соң алар Тажикстандын чыгышына алынып келген. Бул жерден алардын паспортторун тартып алып, Афганистанга жиберүүдөн мурун түрдүү иштерди аткарууга зордошкон.

Алар сотто өздөрүн Тажикстандын аскер кызматына жалдап жаткан экен деп ойлогонун жана Афганистанга келгиче ИДУ жөнүндө өмүрүндө укпаганын билдиришти.

ИДУ кыймылы 1990-жылдарынын башында өзбек шаары Наманганда пайда болгон. Кийин Өзбек бийлигинин бул кыймылга каршы көргөн чараларынын натыйжасында Тажикстанга көчүп барган. Ал убакта Тажикстанда жарандык согуш күчөп жаткан, ал жерден ИДУ оппозиция тараптагы чалгынчы күчкө айланган. 1997-жылы согуш аяктаганы ИДУ Борбор Азия өлкөлөрүнүн, биринчи ирет Өзбекстандын бийлиги менен салгылашууну көздөгөн өз алдынча күчкө айланды. Бул максат менен ИДУ чалгынчылары 1999-2000-жылдары бир нече жолу Өзбекстан жана Кыргызстанга чабуул аракеттерин жасаган.

Борбор Азиядан сүрүлүп чыккан ИДУнун жолдоочулары Афганистанга ооп барып, Талибан күчтөрүнө кошулган. 2001-жылы америкалык коалиция өлкөгө киргенде Кундуз шаарынын тушунан ИДУ аскерлери катуу каршылык көрсөткөн. Кээ бирлери курман болуп, дагы бирөөлөр туткунга түшүп, калганы Пакистандын түндүк-батышындагы жаңы кыймылга кошулган.

Жалпысынан Гуантанамодо Тажикстандык 12 туткун болгон. Алардын 11и Тажикстанга жиберилип, Вохидов менен Шарофов жана дагы бир туткундан башкасы эркиндикке чыгарылган. 12чи Умар Абдуллаев дагы деле Гуантанамодо абакта кармалат. Анын жактоочусу Метью О'Хара, Абдуллаев Вохидов менен Шарофовдун тагдырын кайталагысы келбегендигин, андыктан Тажикстанга жибербөөнү өтүнгөнүн билдирди.

О'Харанын пикиринде анын жакталуучусуна үчүнчү өлкөдөн баш калкалоо ылайыктуу.

«Америкалык башкармалардын Умардын ишин эске алып, аны Тажикстанга репатриациялообого укуктук жана моралдык милдеттемелери бар экендигин билдирет. Ал эми тажик бийлигинин милдеттемесинде кардарынын укугун коргоо иш жүзүндө аткарыла турбаган иш болсо керек», – деп кошумчалады ал.

«АКШнын мамлекеттик департаменти дүйнөлүк коомчулук менен бирдикте Тажикстандын түзөтүү жайларында адам укугун тебелөө жана жазалоо тутумундагы мыйзамсыз кырдаал жөнүндө жакшы билет. Кол тийбестик опузалары да мүмкүн. Мунун баары биздин тынчсызданууубузду туудурат», – деди О'Хара.

АКШнын мамлекеттик департаменти адам укугу тууралуу 2009-жылдын март айында даярдалган өзүнүн баяндамасында, Тажикстанда адам укугунун тегерегиндеги кырдаал ылайыксыз, кыйноо фактылары катталганы, улуттук коопсуздук кызматынын начар мамилеси, сот өкүмүнүн адилетсиздиги, абакта кармоо шарттарынын жоктугу, эл аралык байкоочуларынын, алардын арасында Кызыл Чырым уюмунун абактагы туткундарга кирүү мүмкүнчүлүгүнүн болбогонун баса белгилеген.

## *Жеңилдетүүчү жагдайдын негизинде бошотуу кампаниясы*

Вохидов жана Шарофов абакка түшкөндөн баштап ата-энелери алардын ишин кайра караштырып чыгуу боюнча күрөшүп жатат. Былтыркы жылы алардын энелери өлкөнүн президенти Эмомали Рахмонго кат жазып, ал жергиликтүү гезитке басылып чыккан.

Алардын айтымында, Гуантанамодон алынып келген далилдер жана кийинки Тажикстандагы сот жараяны 1981-жылы төрөлгөн эркинен ажыратылган эки жигит, терракт жана аскер операцияларында катышканын айкындабайт жана алардын жаза мөөнөттөрү эбегейсиз чоң.

Мукиттин атасы Валихон Вохидовдун айтуусунда, тажик соту жеңилдетүүчү жагдайды эске албай койду.

«Эки бала беш жыл азап чекти. Алар абдан жаш, тажрыйбасы жок эле. Алар бир дагы согушка катышып адам өлтүргөн эмес. Бул акыйкатсыздык», – деди ал IWPRге.

Дагы бир Тажикстанга жиберилген Гуантанамонун туткуну Иброхим Насриддинов, 2007-жылы өлтүрүү кылмышы, курал сактоо, өткөрүп берүү жана ташууга күнөөлүү деп саналып, өз күнөөсүн мойнуна алып, 23 жылга эркинен ажыратылган.

Юристтердин пикиринде, кылмыш табиятын жана башка жагдайларды эске салганда Вохидов менен Шарофов абдан катаал жазага дуушар болушту. Андан башка Гуантанамодогу абакта отурган мөөнөтү унутта калган.

Дүйшөнбүлүк юрист Абдукаюм Юсуфовдун айтуусунда, эл аралык келишимге ылайык тажик соту өкүм чыгарганда жигиттер Гуантанамодо өткөргөн беш жылын алып салуусу шарттуу болчу.

Парламенттин депутаты жана Жогорку соттун төрагасынын мурунку орун басары Махмадали Ватанов, бул ишке өз оюн айта албады. Бирок, күнөөлүү деп табылган адамдардын мурунку абактагы отурган мөөнөтү эске алынышы керектиги менен макул болду.

Көз карандысыз адис, ОБСЕнин былтыркы жылга чейинки Тажикстандагы кызматчысы Пайём Фуруги бул ишке күбө болгонун жана бул иште бардык зарыл жараяндар сакталбаганын билдирди.

«Менимче жооп берүүчү тараптын сот алдында өз эрки менен тандалган жактоочулар менен өз ишин олуттуу жана кылдат талкуулоого убактысы жетпей калгандай туюлат. Сот бул адамдарды мындан ары кармоого далили жок. Демек, алар эркиндикке чыгууга татыктуу. Эр-азаматтар өкмөткө да, коомго да эч коркунуч туудурбайт», – деди ал IWPRге.

2007-жылы Тажикстанга кайтып келээри менен жигиттер кармалып, аларга каршы кылмыш иши козголуп, ал эми ошол эле жылдын август айында сот өкүм чыгарган.

Фуругинин пикиринде, сот Вохидов менен Шарофов ИДУга өз эрки менен киргенин тергеп чыгуусу керек эле.

«Далилдер айтып тургандай, бул адамдар киши сатуунун курмандыктары болгонун билдирет. Сотко берген жообунда алар кайсы уюм аларды жалдап жатканын билбегенин эскертет», – деди Фуруги.

«Алар тажик аскер кызматы бизди жалдап жаткан экен деп ойлогун айтышты. Бул чындыкка окшошот. Балким алар алданып калган. Ал эми баарын түшүнгөндө паспортторун зордоп алып, башка жерге көчүрүп кетишкен. Афганистанга жеткен жигиттер мекенине кайтып келе албай калышкан. Кыскасы, аларды башка жерге күч менен алып барып, зордоп кармап турушкан», – деди ал.

Вохидов менен Шарофовдун жараянын башкарган Сот Мусомир Ураков сот тескөөсү жетишсиз далилдерге негизделген деген мындай божомолдорду четке какты.

«Биринчи абакка алган жайдын ишин кайра караштырып жатып бардык жактоого тиешелүү далилдер текшерилген. Мен бул сот жараянынын төрагасы катары өкүм адилеттүү жарыяланды деп толук айта алам. Эгер доомattар болсо, бул мыйзам ченемдүү иш. Каршылаш жактын катышуучуларынын сот чечими менен макул эместиги баары мыйзамды жана квалификациялык жышаналарды жакшы билбегенин көрсөтөт»,- деди Ураков.

Вохидов менен Шароев Гуантанамодо өткөргөн мөөнөтү эмнеге эске алынган жок деген суроого Ураков, "алар Гуантанамодо кармалганы тууралуу сотко документ көрсөткөн жок", – деп жооп берди.

«Биз абакта отургандар аркылуу да юридикалык мааниде эмне негизде алар Гуантанамодо кармалганын биле албадык, биз эч кандай документ таба албадык. Андыктан бизде бар документтердин негизинде өкүм чыгардык», – дейт сот кызматчысы.

Белгисиз калууну каалаган Дүйшөнбүлүк юристтин айтымында, кармалгандар өлкөсүнө репатриация болгон соң Гуантанамодон документ алуу көп кездешүүчү маселе.



*Гуантанамо (фото радио «Азаттык»)*

«Эгер айыптоо коюлбаса, кармалгандарды үйүнө жиберип, эч кандай ырастоочу документ беришпейт», – деп белгиледи юрист.

IWPRдин корреспонденттери Тажикстандагы АКШ элчилиги менен байланышканда, анын кызматчылары Гуантанамонун мурунку туткундары ырастоочу документи бар жиберилгенин айта албады.

Бирок 2007-жылы адилет министринин орун басары болгон, азыр тажик парламентинин депутаты Азизмат Имомов, "кайтып келген жарандарды кармоо, суракка алуу жана жоопкерчиликке тартуу туура чара болгон, мамлекеттик мый-

замга ылайык алар күнөөлүү деп табылганы адилеттүү иш болгон”, – деп кошумчалады.

“Бул жарандар чет өлкөдө күнөөсүз деп табылганына карабай, Тажикстандын өзүндө өлкөнүн мыйзамына каршы иш кылды, андыктан күнөөнү мойнулары менен тартышы керек”, – деди ал.

### *Прокурорлор иштин кайра каралуу мүмкүндүгүн күтөт*

Бирок азыр эки адамдын иши кайра каралып чыгат деген үмүт пайда болду. 26-май күнү алардын ата-энелери башкы прокурор Шерхон Салимзода менен жолугуп, Гуантанамодогу мөөнөтүн кайра карап чыгып, азыркы абакта отуруу мөөнөтүнөн алып таштоосун өтүнүштү.

Атын атагысы келбеген прокуратуранын кызматчысы IWPRге берген жообунда, бул жолугушуудан кийин прокуратура бул иш боюнча документтерди берүүнү талап кылып Жогорку сотко кайрылды. Демек, иш оңунан чыкса өкүм кайра каралат.

«Биз бул ишти ийне-жибине чейин кайра талдап, изилдеп чыгып, так жооп беребиз», – деди Башкы прокуратуранын өкүлү.

# КАЗАКСТАН:

## Казакстанда коомдук наразычылыктардын саны өсүүдө

*Көптөгөн топтор коомдук каршылык акцияларын өткөрүп, өз наразычылыгын билдирүүдө.*

Андрей Гришин, адам укугу жана мыйзамдуулукту сактоо боюнча Казакстан бюросунун мүчөсү.

Коомдук нааразычылыктар оппозициялык толкундар менен гана чектелбей калды. Аларга экономикалык каатчылыктын запкысын көргөн адамдардын тобу кошула баштады дейт серепчилер.

Серепчилердин айтымында, ар түрдүү каршылык топтордун талаптары көп учурларда саясаттык багытта болуп, өлкөдөгү расмий оппозициянын программасын жактоодо. Каршылык акциялары өлкөнүн борбор шаары Астана жана каржы борбор Алматы менен гана чектелген жок.

Жакында эле болуп өткөн үч жөө жүрүш катышуучулардын көйгөйлөрүнүн көп түрдүүлүгүнө күбөлөнттү. 19-майда өткөн митингди 50гө жакын курулуш компаниясынын акция кармоочулары каржы каатчылыгына байланыштуу курулуш иштеринин токтоп калганына наарачылыгын билдирди. Акция ээлери Астанадагы өкмөт үйүнүн жанына чогулуп, аягына чейин курулуп бүтпөй калган турак-жайдан тарткан зыянчылыгын үлүшлчүлөр арасында туура эмес бөлүштүрүлгөнүнө макул эместигин билдиришти.

Жөө жүрүш атайын даярдалган полиция тарабынан куулган.

Эки күн катары менен өлкөнүн түндүгүндөгү Кокчетау шаарында бир нече жүздөгөн базар сатуучулары жергиликтүү базардын жабылышына каршы чыгышты. Бул иш-чара полиция менен болгон мушташ жана 25 адамдын камакка алынуусу менен аяктады.

Апрель айында Алматынын четиндеги жер басып алуучулар ээлеген Шанырык айылынын 70 тургунунун мэриянын имаратына кирүүсүн токтоткон полиция ортосунда кагылышуу жүргөн. Бул маселе, жер басып алып ал жерге там курган, бирок расмий түрдө каттатууга укугу жок адамдар үчүн өтө маанилүү болгондуктан, алар жер мыйзамын талкуулап жаткан чогулуш маалында мэрияга кирип бараткан жеринен токтотулган.

Көп бирдей кызыкчылыктар аркылуу топтошкон адамдар оппозиция менен чогуу иш алып барууда. 1 май күнү “Эл бийлиги” блогу тарабынан өткөрүлгөн каршылык митингине үлүшчүлөр, дыйкандар, ипотекага салык төлөөдөн кыйналган адамдар кошулду.

500дөн ашуун адам жеке менчик маселеси боюнча митинг өткөрдү. Бирок көнүмүш сценарий боюнча митинг көчөлөрдү курчап алып адамдардын тарап кетишине тоскоол кылган полиция менен кагылышып аяктады.

Үч күн өтпөй «Темирбанктын» кеңсесинин жанында полиция жана карыздар адамдар ортосунда кагылышуу болду. Алар карыз төлөй албаганына байланыштуу турак жайынан айрыла баштаган. Каршылык акциясынын катышуучулары Казакстан-



дын банк тутумун элестеткен айнек банкаларды сындырышкан. Полиция аларды кармоого аракеттенгенде, алар өз чыгаандарын полициянын колунан жулуп чыгышкан.

Серепчилердин айтымында, апрелден баштап полиция өтө катаал чараларды колдоно баштаган. Мурун полиция көп учурларда демонстрациянын жүрүшүнө кийлигишчү эмес.

Каршылаш тараптын мындай кыймылдарынын себебин билүү максатында IWPR демилгечи Айнур Курманов менен маектешти. Ал "Казакстандын социалдык каршылык" демилгечи тобун жетектеп, дагы эки башка "Талмас", "Казакстан-2012"кыймылында мүчө болот. Апрелде ал уруксатсыз митинг уюштурган деген айып менен 15 суткага эркинен ажыраган.

«Социалдык чыңалуунун очоктору коомдун көп катмарын камтыды. Биз азыр каатчылыктын үчүнчү толкунун баштан өткөрүп жатабыз. 2007-2008-жылы каатчылык каржы чөйрөсүн каптаган, азыр ал экономиканын секторуна көчтү, өндүрүштү кыскартып, жумушсуздукту пайда кылды. Былтыркы жылдын аягы жана быйылкы жылдын башы жеке, чакан ишкерлеринин каржы кудуретсиздигинин үчүнчү толкунун алып келди».

Алдандык деп санаган үлүшчүлөрдүн акциясы ири индустриялык уюмдар чыңалууну башынан өткөрүп турган кезде башталды. Өлкөнүн батышындагы Мангышлак областындагы Жанаозен мунайчыларынын март айындагы үч жумалык иш таштоосу менен айлык акынын жогорулашын жана жаңы жетекчилик шайланышын талап кылышты.

Иш таштоо эки тарап бирдей келишимге келгенде токтоду, бирок ага карабай 21 адам мыйзамсыз иш-чара өткөргөндүгү үчүн жоопкерчиликке тартылып, жазапул төлөп берди.

Курмановдун сөзүндө: "Биздеги ар бир социал-экономикалык нааразычылык саясий мүнөзгө ээ болуп калат. Анткени мамлекеттик аппарат ири жеке компанияларды колдойт. Бийлик менен ири бизнес ортосунда байланыш тыгыз болгондуктан, бийлик өз кызыкчылыгын коргогону, албетте, түшүнүктүү".

«Андыктан адамдар ачык акция өткөрүүдөн башка өз укугун коргоого мүмкүнчүлүгү жок», – деди ал.

Саясатчы Эдуард Полетаевдин оюнча, коңшу Кыргызстандагы 6-7-апрель күнү болгон окуянын натыйжасында президент Курманбек Бакиев тактан түшүрүлгөнү, Казакстандын бийлиги мындай нааразычылыктарга тынчсыздана баштады.

«Бийлик өз кезегинде кооптонуп, аларды ишенимсиз кабыл ала баштады», – деди ал.

Кагаз бетинде Казакстан чогулуштар жөнүндө мыйзамды сактап жатат. Бирок иш жүзүндө жөө жүрүштөр куулууда.

Алматыда демонстрация өткөрүүнү каалаган адам шаардык бийликтен уруксат алышы зарыл.

Шаардын мэриясында кызмат өтөгөн Олег Сидоров мындай коомдук иш чаралар атайын даярдалган жайларда гана өткөрүлүүсү тийиштигин эскертти. Бул "Сары-арка" кинотеатрынын аянты. Эгер башка жерге өткөрүүгө өтүнүч түшсө, ага автоматтуу түрдө уруксат берилбейт», – деди ал.

Ошол эле учурда Сидоров, коомдук нааразычылык акцияларына уруксат бербөө жөнүндө буйрук болгон эмес, жыл башынан жөө жүрүш өткөрүү боюнча беш кайрылуунун бирине гана уруксат берилбегендигин билдирет.

# Казакстандын президентине улут көсөмү мартабасы ыйгарылды.

*Бул кадамдын максаты – эгер Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаев президенттик ыйгарым укугун тапшыргысы келсе, бийлик өткөрүп берүүдө өзүнө шарт түзүү аракети болсо керек.*

Ярослава Науменко жана Антон Фрид – Казакстандагы штаттан тышкаркы кабарчылар. Евгения Плахина – «Голос республики» гезитинин журналисти.
(фото Н.Назарбаев)

Акыркы 20 жылдан бери Казакстандын башында турган Нурсултан Назарбаевге ээлеген ордунан кетүүнү каалаган мезгилде, маанилүү саясий таасирин сактап калууга жана юридикалык кол тийбестик тартуулаган – улут көсөмү деген мартаба ыйгарылды.

Казакстандык серепчилердин пикиринде, 13-майда кабыл алынган бул конституциялык оңдоо Назарбаевдин сиңирген эмгегин таануу катары кабыл алынат. Андан башка бул кадам, президент 2012-жылкы шайлоодо өз талапкерлигин койбой, ордунан кеткен учурга кийинки тагдырына кепилдик кылганын билдирет.

Назарбаев 1991-жылы көз карандысыз жаңы Казакстан мамлекети аталганы анын башында турган жетекчиси катары таанылыш. Ага чейин ал өлкөдөгү Коммунисттик партиянын биринчи катчысынын ордун ээлеген.

Казакстан парламентинин Сенатынын жогорку палатасында сүйлөп жатып, оңдоо кабыл алынган күнү анын демилгечилеринин бири Назарбаевдин "Нур Отан" партиясынын мүчөсү Розакул Халмурадов, бул өмүр бою кала турган даража президенттин салымынын баасы деп белгиледи.

«Биз өнүккөн мамлекеттерден өз башчысын сыйлап, кадырлоону үйрөнүшүбүз керек. Эң өнүккөн Европада мамлекеттик башчы-падышаларын жогору баалашат», – деди Халмурадов. Оппозициялык журналист Сергей Дуванов бул пикир менен макул эмес: «Өлкөгө монархиялык жеке бийлик киргизүүгө камынышууда», – дейт.


Улут чыгааны катары Назарбаев ички жана тышкы саясат маселелеринде акыркы добуш укугуна жана өз ордунан кеткен күндөн баштап коопсуздук, кармалуу, сот куугунтугунан бошотуу, анын туугандарын куугунтуктоого албоо жана мүлкүнүн кол тийбестик укуктарына ээ болот.

Аны менен бирге башка мыйзамдарга да конституциянын жаңы жоболоруна туура келтирүү максатында Назарбаевдин айкелин бузгандарга каршы, анын өмүр баян таржымалын бурмалоого каршы кылмыш жазалары каралды.

Бул мыйзамдар тутуму Назарбаевдин өзүнө кол коюуга жиберилди.

Ээлеген ордунан кеткенден кийин Назарбаевдин ыйгарымын узартуу идеясынын пайда болгонуна бир аз гана убакыт болду. IWPR тарабынан сурамжылоого алынган серепчилердин оюнда, Назарбаев жана анын туугандарынын кол тийбестиги боюнча мындай кадамды кабыл алууга тандалган мезгил өтө кызыктуу болду.

Алардын айтымында, мындай өзгөрүүлөр коңшу Кыргызстандагы элдик толкундун кесепетинен президент Курманбек Бакиев массалык нааразычылыктын натыйжасында кулап, кийин өз кол тийбестигинен ажырагандан соң дароо пайда болду.



4 май күнү бул мыйзамды Казакстан парламентине тааныштырарда, кыргыз убактылуу өкмөтү Бакиевдин президенттик кол тийбестигинен ажыратуу декретин чыгарып, прокуратурага аны таап өткөрүп берүүсүн тапшырган. Учурда Беларусия өлкөсүндө катталган Бакиев коопсуздук күчтөрүнө 7-апрель күнү жөө жүрүшчүлөргө каршы ок атууга буйрук же уруксат бергени үчүн айыпталат. Анын үч бир туугансы жана уулу Максим Бакиевдерге издөө жарыяланган.

Ермухамет Ертысбаев, президенттин саясий маселелери боюнча кеңешчиси бул мартабанын ыйгарылышы Кыргызстандагы болуп өткөн окуялар менен эч кандай байланышы жок деп ырастайт.

Эми мыйзам бийликти өткөрүп берүү мерчемин сунуштоого даяр, бирок Назарбаев өзү эл алдында али өз каалоосун ачык билдире элек.

Интерфакс-Казакстан кабарлар агенттигине берген интервьюсунда Ертысбаев Назарбаевдин президенттик кызматтан кетиши мүмкүндүгүн эскертти.

«Чындыгында бул чечим жылдын аягына чейин болушу мүмкүн, бирок мен ага каршымын. Казак эли 2005-жылдын декабрь айында жогорку деңгээлде Назарбаевге ишеним артып, аны президенттик шайлоодо колдогон. Ал 2012-жылдын декабрь айына чейин кызматын улантууга милдеттүү», – деди Ертысбаев.

Казакстандын болочок президенттери бийлик башында эки мөөнөттөн көп убакыт боло албагандыгы менен, 2007-жылы казак конституциясына Назарбаев өз талапкерлигин канча мөөнөт кааласа сунуштаса болот, деген өзгөртүү киргизилген. Андыктан, 2012-жылы Назарбаевдин өз талапкерлигин койгонго эч кандай тоскоолдук болбойт, мүмкүн ал бул жаңы шайлоодо да жеңил жеңишке жетишет.

“Ак Жол” оппозициялык партиясынын чыгааны Алихан Байменов, бийлик ар түрдүү кырдаалды алдын ала турган бир нече вариант караштырып койгондугун түшүндүрдү.

«Жалпысынан алганда, президент түрдүү варианттарды ойлонуштуруп койгон. Алар мерчемдүү жана мерчемсиз да болуп кетиши мүмкүн», – деди ал.

Саясий чечимдер Институтунун ички саясат бөлүмүн башкарган Максим Казначеев, башкарууда турган ак сөөктөр келечекте бийликти тапшырууга да сааты чыгаарын түшүнүп, бул идеяга президент өзү эмес анын ошол тегереги келип, Назарбаевдин бийлик башында туруу каалоосу менен макулдаштырышканын айтты.

«Алардын оюнда, бул бийликтин президент тарабынан орун басарына “жумшак” өткөрүп берүү формуласы. Президент өз ордунан эч качан кетпестиги ачык билинип турбайбы», – деди Казначеев.

Ал Казакстандагы улут көсөмү мартабасын Сингапурдагы тажрыйба менен салыштырды. 1990-жылы Сингапурдук премьер-министр Ли Куан Ю өз ыйгарымын тапшырган соң, улуу министр кызматына дайындалып, кийин устат-министрдин ордун ээлеген.

Казначеевдин айтымында, Казакстандын саясий чөйрөсү Кыргызстанда болуп өткөн окуялардын кайталоосун каалабайт. Кыргызстанда Бакиев да, анын мурунку кесиптеши Аскар Акаев да тактан кулатылган, ал эми алардын тегереги качууга аргасыз болгон.

Назарбаевдин бийлигин сактап калуу кадамдары Европадагы коопсуздукту жана шериктештикти Уюштуруу төрагалыгына берген убадасына каршы болуп жатат. Анда Казакстан демократиялык реформаларга даярдыгын билдирген. Казначеевдин пикиринде, өкмөт ОБСЕнин күзгү жыл сайын өткөрүлүүчү жыйынына чейин бул документке кол коюуга мүмкүнчүлүгү жок жана көп кыйынчылыктарга кабылышы ыктымал. Андан тышкары, Назарбаевдин орун басары анын күйөө баласы Тимур Кулибаев даярдалып жатат. Бирок үй бүлөлүк башкаруу айыптоолорунан арылуу максатында расмий президенттик кызматка, президенттин үй бүлөсүнө тиешеси жок адам келиши да толук мүмкүн.

Бул идея Казакстан коомчулугу тарабынан кандайча кабыл алынат? – деген суроого: ал суроо бир нече убакыт мурун эле элдин оюн текшерүү максатында калың журтчулукка жарыяланганын билдирди Казначеев.

«Сын толкуну болуп өттү. Бирок сынак көрсөткөндөй, коом бул суроону жинденбестен тамаша мүнөздө кабыл алды», – деди ал.

Бирок абдан мыкты ойлонулган мерчемдер да кээде аткарылбай калат. Көп серепчилер Кыргызстанда болуп өткөн окуяларда Бакиев өз ордунан куулгандан кийин кол тийбестигинен айрылган соң, эгер жаңы тартип эски бийликти жокко чыгарууну чечсе, бир да мыйзам башкаруучуну сактай албаары менен макул болушту.

Казначеевдин пикиринде, президенттин жана анын үй бүлөсүнүн кол тийбестигинин жалгыз кепилдиги, анын бийликте калышы болот.

“Альтернатива” актуалдык изилдөөлөр Борборунун мүдүрү Андрей Чеботарев: «Эгер Казакстанда президенттин туугандары каалагандай бийлик алмашуу жүрбөсө, анда аларды эч кандай мыйзам сактай албайт. Парламенттин жардамысыз эле мыйзамга тоготпой койсо болоорун Кыргызстандагы окуялар ачык көрсөттү», – деди.

# КЫРГЫЗСТАН:

## Мурдагы шахта кызматкерлеринин компенсация алуу үмүтү өчүүдө

*Он жыл мурда өндүрүштөн майып болуп калган шахтада иштеген жумушчулар аларга тиешелүү компенсацияны толук төлөгөнгө чейин эле каза болууда.*

Мира Тууреава – Борбордук Азия



Кыргызстандын түштүк-батышындагы башкы көмүр шахтасы жабылганына он жыл өткөндөн кийин, өндүрүштөн майып болуп калган, же ден соолугунан зыян тарткан мурдагы 100 шахта кызматкери бүгүнкү күндө көңүл сыртында калып калгандыгын айтышууда. Өздөрүнө каралган компенсациялык төлөмдү алуу үчүн көп жылдан бери күрөшүп келишет жана бул күнгө чейин алардын жарымы гана жашап жатат.

Дүйнөлүк Банк тарабынан каржыланган ийкемдүү мамлекеттик ишканаларды реструктуризациялоо жана менчиктештирүү, ошондой эле рентабилдүү эместерин жабуу боюнча ПЕСАК программасынын чегинде 1995-жылы Баткендеги Лениндик Комсомол атындагы шахта жабылган. Бул иш-чарага ошол мезгилде премьер-министр болуп турган Апас Жумагулов жетекчилик кылган. Ишкананы жабуудагы өзүнүн ролу үчүн ал өлкөнүн «негизги ликвидатору» – деген атка конгон.

Шахтанын тереңдиги 700 метрди түзүп, дүйнөдө мындай тереңдиктеги шахталар болгон эмес. Кызыл-Кыя шаарына кошуна жайгашкан бул шахта совет мезгилинде өзүнүн жогорку өндүрүмдүүлүгү үчүн «Борбор Азиянын кочегары» деген атка конгон.

Бирок шахтанын кызматкерлери аны «экинчи фронт» деп аташчу, анткени ал жерде кесиптик ооруга жана өндүрүштөн жаракатка чалдыккандар тез-тез болуп турган.

Шахта жабылган учурда, шахта башкармалыгы ишкананын бардык карыздарын, анын ичинде Социалдык фонддун алдындагы карыздары менен эсептешиши үчүн мамлекеттен ошол мезгилдеги шахтанын бардык активдеринин наркына барабар болгон сумманы алышы керек эле.

Кийин такталгандай пенсия, пособие жана майып болгондордун компенсациясын төлөө үчүн жетишсиз сумма төлөнгөн. Кызыл-Кыя шаарынын Социалдык фондунун алдыңкы адиси Турдукан Солтонованын айтымында, бул төлөмдөр биринчи кезекте аткарылышы керек эле.

Солтонова, бул компания 21 миллион сомго бааланганын (130 миң Америка доллары), шахта башкармалыгынын документтери боюнча 4 миллион сом гана түшкөндүгүн, бул сумма шахта башкармалыгына пособиелерди төлөөгө өткөрүлүп берилбестен, ал социалдык взносторду жабууга колдонулгандыгын айтты.

Шахта башкармачылыгынын жетекчилиги компенсацияны талап кылган шахта кызматкерлерине, аны ПЕСАК программасынын каражаттарынан төлөнүп берилиши керектигин айткан.

Ден соолугуна байланыштуу пенсияга чыккан кээ бир шахтёрлорго 1996-жылы компенсация төлөнүп берилген. Бирок бул төлөмдөр шахта ишинин акыркы жылы үчүн гана төлөнүп, мыйзам боюнча орточо айлык акысынын негизинде эсептелиши керектигине карабастан, ал минималдык пенсиянын негизинде эсептелген.

Он бир жыл өткөндөн кийин, шахтёрлор өз укуктарын коргоо максатында демилгечи топко биригишип Социалдык топтун шаардык бөлүмүнө каршы доо арызын жазышкан жана 2006-жылы утуруп коюшкан. Кыргыз өкмөтү пенсия



өлчөмүнө негизделген компенсацияны төлөө милдеттенмесин өзүнө алып жана аны төлөөдө өткөн мезгилдердеги инфляция эске алынаарына убада берген.

Учурда 80 жашка толгон Мамат Тешебаев курамына өндүрүштөн майып бол-



гон жана өздөрүн регрессниктер деп атаган мурдагы шахта кызматкерлери кирген «Регресс» коомдук фондун жетектейт. Алар доо кат менен кайрылышкан. Тешебаев компенсациянын пенсия өлчөмү менен теңделишине наразы экендигин билдирди.

1995-жылдан 2010-жылдар аралыгында болгону компенсациянын жалпы суммасынын жарымы гана төлөнгөн.

«Биздин компенсация 2000 сомду (45 Америка доллары) түзгөн техничканын пенсиясынан да аз. Биздин компенсация дарылануууга деген каражатты кошкондо орточо 800 сомду түзөт. Биздин арабызда төшөктө жаткандар да бар. Кээ бирлери жума сайын жатып дарыланышат», – деди Тешебаев.

«Регресс» фондунун мүчөсү Бакыт Жороев көпчүлүк регрессниктер аларга төлөнө турган каражат берилгенге чейин жашашы белгисиз экендигин айтты.

«Биздин тизмедегилер жарымына азайды. Бизге кээ бир кызматтар тарабынан кысым болууда. Мамлекет өзү мыйзамдарды, жоболорду кабыл алышат жана өзү аны бузууда», – дейт Жороев.

Тешебаев «регрессниктерден» шаарда 100 адам гана калгандыгын белгиледи.

45 жаштагы Жороев фонддун эң жаш мүчөсү болуп эсептелет. 120 килограмм салмагындагы каамыт үзүлүп кетип, анын башына урулганда дарыгерлер Бакытты жашабайт деп айтышкан. Сакайып жакшы болгондон кийин ал ооруканага өзүнүн документтерин алуу үчүн келген. Анткени анын документтери архивге жөнөтүлүп, расмий түрдө ал өлгөн киши катары катталып калган эле.

Мурдагы шахта кызматкерлери алардын маселеси чечилбеген бойдон калганына карабастан башка пособие төлөмдөрүн берүү токтотулуп калгандыгына наразы.

Кыргыз өкмөтүнүн январь айынан электр кубаттуулугуна, коомдук транспорт акыларына болгон жеңилдиктерди алып салуусу майып болгон шахта кызматкерлери сыяктуу каражаты аз топторго чоң сокку урду. Мурда Баткен областынын жергиликтүү администрациясы шахта кызматкерлерине көмүр сатып алуу муктаждыктарына каражат болуп келсе, азыр ал да токтотулган. Өткөн жылы алар майыптар жана картаң адамдар күнүнө карата берилүүчү тамак-аш баштыгын да алышкан эмес.

Буга чейин жыл сайын майыптар жана картаң адамдар күнүнө карата аларга расмий куттуктоо жөнөтүлүп турса, быйыл алар бул нерседен да кур калышкан. Ушулардын баары алардын терең наразычылыгын жана таарынычын пайда кылды.

«Биздин эч кимге, мэрияга да, башкаларга да керегибиз жок болуп калышы өтө өкүнүчтүү. Баары биз жөнүндө унутуп калышты», – деди мурдагы шахта кызматкери.

*(Бул макала Кыргызстандын азыркы өкмөтү бийликке келгенге чейин алынган маектин негизинде даярдалды).*

# Оштогу башаламандык

*IWPRдын редактору Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош шаарында болгон башаламандыктар жөнүндө айтып берет*

Инга Сикорская, IWPRдын редактору

Биз бейшембиден жумага караган түнү (10-11-июнь) 1.30дар чамасында Оштун борбордук районунда үрөйдү учурган октун үнүнөн ойгондук. Биз «Алай» жана «Кристалл» мейманканасынан анча алыс эмес жерде элек. Тополоң дал ушул жерден башталып, элдердин кыйкырган үндөрү, атылган октордун үнү, өрт өчүрүүчү машиналардын ызы-чуусу угулуп турду.

Биз шаарга жаңы эле келгенде, көчөдөгү, базарлардагы карапайым элдер, эмнеге ушундай учурда келдиңер, жакында бир нерсе башталганы турат, – деп божомолдоп жатышкан.

Ошол түнү гана, алар эскертип жаткан нерсенин башталганын түшүндүк.

Окуянын масштабы жана атылган октордун үндөрүнөн бул апрелде Бишкекте өткөн окуяга окшобогондугун дароо эле сездик. Бул такыр башкача көрүнүш – үрөйдү учурган атышуулар, жүрөктү титиреткен кыйкырыктар эле.

Атышуулар таң атканга чейин уланды. Биз уктай албадык, ошондуктан телефон чалып маалымат чогулта баштадык. Атышуулар токтобостон, тескерисинче убакыт өткөн сайын күчөп жатты.

Биз турган үй эки жолдун кесилишинде жайгашкандыктан көчөдө эмне болуп





жатканына байкоо жүргүзүүгө ыңгайлуу болду. Кийинки күнү кээ бирлери колдоруна курал алса, кээ бирлери таяк алган, бетине маска тагынган адамдар пайда болду. Бул балдар беттерин жоолук менен жаап алышкан, алардын көздөрү гана көрүнүп турду. Кээ бирлери башын аскердик жоолуктар менен байлап алышкан эле. Алардын көзү менен эле кара маскасы көрүнүп турду. Талап-тоноочулук кечирээк башталды, алгач атышуулар эле болуп жаткан.

Жума күнү түшкө чейин (11-июнь) шаар күйүп жатты. Күл, чаң, түтүн биздин үйдүн балконуна келип түшүп жатты.

Бул жакын арада токтобой тургандыгын баарыбыз түшүнүп турдук.

Ишемби күнү кечинде аскердик иш-чаралар башталып, оор артиллерия колдонула баштады. Бөлмөбүздүн дубалы калчылдып жатты. Сулайман-Тоо өрттүн ортосунда калды.

### *Бул окуя күн мурунтан уюштурулганбы?*

Кийинчерээк биз шаарды машина менен аралаганыбызда шаар экинчи дүйнөлүк согуштун мезгилинде бомбаланган кейипти кийип турду, бардыгы күлгө жана урандыларга айланып калгандыгын көрдүк. Эгер окуя кокусунан болду дей турган болсок, үч күндүн ичинде мындай болмок эмес. Окуянын күн мурунтан даярдалгандыгы ачык эле көрүнүп турду.

Элдер да бир нерсенин болуп кетишинен чочулап, коркуп турушкан. Окуя башталардан бир күн мурун биз Жалал-Абадга барганбыз. Жолдо айдоочу жана башка жүргүнчүлөр менен сүйлөшүп барганбыз. Кандайдыр бир жалпы оор абал бар экендиги сезилип турган, бул этникалык кагылышууну күтүү болгон экен.

Биздин алгачкы айдоочубуз кыргыз болсо, ал эми кийинкиси өзбек эле. Алардын экөө тең бул жөнүндө айтышкан. Качан биз Жалал-Абаддан кайтып келгенибизде Ош шаарындагы борбордук мечиттин жанында өзбек жана кыргыз улутундагы балдардын ортосунда ири жаңжал болгондугун уктук. Бул жаңжал өзбек такси айдоочулары менен алардын кардарлары – кыргыздардын ортосунда болгон.

Бир аз мурдараак менин кошунам базарга барганда, ага тамак-ашты көп-көп сатып алууну айтып, анын себебин кыргыздар менен өзбектердин ортосунда согуш башталганы жатканы менен түшүндүрүшкөн.

Иш-жүзүндө баары муну билишкен, баары күтүшкөн, бирок мунун алдын алып болтурбай коюуга аракет жасашкан эмес.

Иш-аракеттер өтө кылдаттык менен даярдалган. Бир туруп шаардын бир районунда, андан көп өтпөй башка районунда кагылышуулар чыгып жатты.

Алар кай жакка кетип жаткандыгын бүт билишкен. Борбордук көчөнү кесип өткөн Араван көчөсүнөн жогору карай машиналарда куралданган адамдар өзбек махаллалары жайгашкан районду көздөй бет алышты. Куралданган адамдар менен толукталган машина ошол тарапты көздөй бет алып, көп убакыт өтпөй кайра келишти.

Андан кийин бир машина келип көчөдөгү куралданган элдердин тобуна бөтөлкөдөгү сууларды жана нан таркатып беришти. Өздөрү жасаган блокпосттордон кандайдыр бир баштыктарды – мүмкүн курал-жарак, мүмкүн жөн эле тамак-аш алып өтүп жатышты.

Бардыгы өтө кылдат уюштурулгандыгы көрүнүп турду.

### *Тамак аштын таңкыстыгы жана электр жарыгынын өчүрүлүшү*

Бизге катар жайланышкан өрт өчүрүүчүлөр аларга суу бербей токтотуп салышкандыгын айтып даттанышты. Кийинки күнү биздин борбордук райондо бир эле мезгилде электр жарыгын да, жаратылыш газын да берүүнү токтотуп салышты. Иш жүзүндө topолоң башталган бүткүл район өзүнчө эле обочолонуп калды. Электр трансформатору күйүп жатты, элдер электр жарыгы элдин коопсуздугу үчүн өчүрүлгөндүгү тууралуу айтып жатышты.

Тургундар электр жарыгысыз, жаратылыш газысыз, тамак-ашы жок калышты. Ичүүчү сууну уулап салышты деген кыңыр кептер да угула баштады. Минералдык суу жок эле. Элдер сууну көчөдө от жагышып казандарда кайнатып жатышты

Биздин айланабыздагы үйлөрдө жашаган адамдар үчүн эң коркунучтуусу жалган сөздөрдүн тарашы болду. Тамак-аштын жоктугунан өзгөчө пенсия жашындагы адамдар ачкачылыкка кабылышкандыгын түшүнүп жатышты. Элдердин көпчүлүгүнө эскертилген экен, бирок окуя кеңири масштабды кучагына алды.



Тамак-аш болгон жок, бардык ири дүкөндөр талап-тоноочулукка учураган эле. Элдер колуна келгенин ташып жатышты. Биз башка шаардан келгендиктен кайда барышыбызды билбей калдык. Мүмкүн жергиликтүү калкта андай болбогон чыгаар.

Көчөгө чыгууга мүмкүн болбоду, чыкканда деле дүкөндөрдүн баары иштебейт. Эч кандай тамак-аш болгон жок, мародерлор жол четине отурушуп сосискаларды жеп жатышты.

Элдер үйлөрүндөгү тамак-ашты бүт жеп бүтүштү. Бизде үчүнчү күнгө карай баары түгөндү. Бактыга жараша Интерньюс уюмунун Оштогу өкүлчүлүгүнөн анча көп эмес гуманитардык жардам көрсөтүлүп, ошонун негизинде бир аз тамак-аш ала алдык.



***Этникалык пикир келишпөөчүлүктөр***

Эгер шаарды этникалык белгилери боюнча бөлүп карай турган болсок, шаардын борборунда көпчүлүгү кыргыздардын району. Бул этникалык топтордун ортосундагы кагылышуу болгонуна карабастан, мен негизинен кыргыздарды эле көрдүм, ошондой эле сумкаларын көтөрүп короолорунда жүргөн өзбектерди көрдүм. Алар жашырынышып же сыртка чыгууга аракеттенип жатышты.

Бул кагылышуу улуттук негизде чыкты деп айтып жатышат. Кагылышууга катышкан балдар жакынкы айыл жерлеринен келишкен. Албетте алардын артында кандайдыр бир күчтөр турат. Көп жылдар бою жанаша жашашкан карапайым калк, коңшулар мындан алыс эле. Кыргыз райондорунда кыргыздар өзбектерди бекитип, орустар өзбектерди бекитип жардам беришти.

Өзбек махаллаларында башка улуттун өкүлдөрү өтө аз жашашат. Негизинен этникалык өзбектер жашашкан Черемушкада дээрлик бардык үйлөр өрттөлгөн.

Колунда куралы болгон адамдар кимдир бирөөлөр тарабынан жалданып алынгандыгы көрүнүп эле турду.

Аларда кандайдыр мотивация болгон деп айтууга болбойт, бирок алар бир улутка каршы күрөшүп жатышканын так билишкен. Болгону ушул.

Мен чоң адамдар топтомун көрдүм, алардын баары куралчан болушчу. Качан гана Оштон качууга аргасыз болгонубузда, биз атайы жалданган корукчулар менен шаардан чыгууга туура келди. Кароосуз ал жерде жүрүүгө мүмкүн эмес болуучу. Көчөдөгү ар бир адамда экиден Калашников автоматы бар эле. Бизден курал-жарак керектигин сурап, алардан сатып алышыбызды сунуштап жатышты.

***БТР менен качуу***

Мен өзүмчө бул башаламандыктар Бишкектегидей эки кун болуп токтоп калат деп ойлоптурмун. Бирок андай болгон жок.

Мен журналист болгондугума байланыштуу, менде жогорку даражадагы чиновниктер менен байланыш болгондуктан аларга телефон чалууга аргасыз болдум. Мага Ош шаарынын Ички иштер бөлүмүнүн начальниги Өмүрбек Суваналиев жардам көрсөттү. Ал журналисттерди эвакуациялоого чоң салымын кошту. Бизге куралчан күзөтчүлөр менен машина жиберерин убада берип, алар бизди алгач ички иштер бөлүмү жайланышкан районго алып барышарын билдирди. Андан кийин бизди бронетехниканын жардамы менен аэропортко алып келишти, себеби аэропортко кеткен жол өзбек айылдары аркылуу өтөт. Тынымсыз ок атышуулар болуп жаткандыктан жөнөкөй транспортто бул жерден өтүү өтө кооптуу эле.

Бизди бронотехникада аэропортко алып келишти. Самолётко түшүү үчүн ал жерде 10 саат бою күтүүгө туура келди. Кеч киргенде гана элдер Ошко гуманитардык жардам алып келген учактарда эвакуацияланышы маалымдалды. Ошол себептен алы жеткендин баары талааларды, узун жолдорду жөө аралап, аэропортко карай бет алышты.

# Калың топту өздөрүнө баш ийдире алган азамат баатырлар

*Кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы өз-ара ишенимди калыбына келтирүү үчүн, карапайым тургундардан чыккан элдештирүүчүлөрдүн кийлигишүүсү керек.*

Инга Сикорская, IWPR дын редактору.

Өткөн жумада болуп өткөн кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы кандуу кагылышуу учурунда Кыргызстандын түштүгүндө тынчтыкты калыбына келтирүү үчүн сырткы күчтөрдүн кийлигишүүсү жардам берет деген пикир кеңири тарап кетти. Кагылышуу мезгилинде өз үй-бүлө мүчөлөрүнөн ажыраган көптөгөн жапа чеккен тургундар, эгер бул аймакка боордош аскерлер киргизилсе, түзүлгөн оор абал бир аз жеңилдейт деп үмүттөнүшкөн.

12-июнда өткөөл мезгилдин президенти Роза Отунбаева Москванын Кыргызстанга аскер киргизүүсүн суранып кайрылган, бирок Россия ага макул болгон жок. Үч күндөн кийин Москва тарабынан жөнгө салынып турган – аскердик-саясий биримдик - Коллективдүү коопсуздук Кеңеши уюмуна мүчө мамлекеттер Кыргызстандагы абалдын оордугун жана анын андан ары курчуп кетүү коркунучу бар экендигин эске алышып, Кыргызстандын коопсуздук күчтөрүнө материалдык – техникалык колдоо көрсөтүү тууралуу чечим кабыл алышты.

Бул колдоо жакынкы күндөрү аймакта тынчтыкты камсыздоого жардам берүү эле. Бирок узак убакыттагы иш-аракет кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы сүйлөшүүлөрдү уюштуруу эле. Бул иш-чаралар эки коомчулуктан тең чыккан жаңы лидерлердин, жаңы түзүлүштөрдүн жардамы менен ишке ашырылышы керек. Жергиликтүү бийлик бул милдетти аткара албайт. Анткени кээ бир коомчулуктар жергиликтүү бийлик структураларына такыр ишенишпейт. Буга Нариман айылына эки элди жараштыруу максатында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн атайын куралсыз келген Карасуу ички иштер бөлүмүнүн жетекчисинин ырайымсыз өлтүрүлүшү мисал боло алат.

Ынтымакчылыкта жашаган мезгилде өз-ара пикир келишпөөчүлүктөрдү чечип келген карыя адамдарга, аксакалдарга биротоло таянып алууга да болбойт. Мындай оор кырдаалда элчиликтин башка жолдору талап кылынат. 17ден 35 жашка чейинки куралданган балдардын жоон тобу шаардын көчөлөрүндө башкарылгыс абалда жүрүшкөндө, алар карыялардын сөзүн угуп да коюшкан жок.

«Биз эч нерсе жасай албайбыз. Алар бизди угушпайт. Биздин аларга кадыр-баркыбыз жоголду», – дейт Оштогу өзбек улуттук борборунун президенти Жалалидин Салахидинов.

Бир катар эксперттер мындай баш ийбөөчүлүк жана өзбилемчилик коңшу өлкөлөргө караганда Кыргызстандын чоң эркиндиктер менен демократияга жетишүүсүнүн кыйыр кесе-



петтери болуп эсептелет деп айтышууда. Жаш муундар карыяларга караганда башка шартта өсүштү, эми алар жогорку муундун кеңештерин уккусу да келишпейт.

Башка эксперттердин айтымында, жаштардын калың тобуна аксакалдар таасир бере алышкан жок, анткени ал топ каршылык көрсөтүү маанайындагы селсаяктар болчу.

Ошого карабастан, ал күндөгү баш аламандыктардын арасында олуттуу лидерлердин тибин да көрүүгө болот эле. Өз общиналарында кадыр-баркка жана күчкө ээ болгон бул адамдар эки элди жараштырууда чоң мааниге ээ. Булардын көпчүлүгү – өз общиналарында өз ак эмгеги, аракетчилдиги, тегиз мамилеси менен айырмаланган адамдар.

Алар өз аракеттерин цивилизациянын баалулуктарын колдоого жана этникалык топтордун ортосундагы кагылышууну токтотууга жумшашты.

Ушундай баатырдыкты көрсөткөн адамдардын бири орто жаштагы кыргыз улутундагы Адыл болду. Ал Ош шаарынын «Черемушка» районунда өзбек махалласында 20 жылдан бери жашайт жана өз бизнеси бар. Качан топтолгон топ анын районуна келип өзбектердин үйлөрүн өрттөй баштаганда ал өз кошуналарынын үйлөрүн колундагы болгон нерсеси менен өчүрө баштаган.

Калың топко чыгып, Адыл аларга жеке менчиктеги нерселер кол тийгис экендигин, алар улутуна карабай ар бир адамдын эмгеги менен табылгандыгын түшүндүргөн. Өрттөп жаткандардын кээ бирлери анын сөзүн угуп ынанып да калышкан.

«Мен үчүн өз кошуналарымдын көзүнө кароо өтө кыйын болот, алар өз жерибизде жашоо үчүн, иштөө үчүн кайтып келишет да», – дейт Адыл.

Эки күндөн кийин Адыл кошунасын жарым-жартылай талкаланган өз үйүнө кайтып келүүгө көндүргөн. Кошунасы беш небереси менен коңшу көчөдөгү үйдүн жертөлөсүндө жашынып жаткан.

«Мен бул коңшуларым үчүн эгер талаптоноочулар дагы келе турган болсо, аларды мындай чектен чыгууларды токтотууга көндүрөм деп жоопкерчиликти өзүмө алдым», – дейт ал.

Ушундай эле эрдикти кичинекей компьютердик борбордун күйүп кетүүсүнө жол бербеген орто жаштагы аял көрсөттү. Ал борбордук көчөдөгү өрттөлгөн, талкаланган башка дүкөндөрдүн жана кафелердин арасында бүтүн калган.

Шаардын борборуна кирип барып талкалайбыз деп умтулган куралдуу адамдар менен үч күн бою сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Ал менен талашып тартышкандардын бири, ал жакыр жашагандыгын, башка бирөөлөр бай тургандыгын айткан.

Ошого карабастан, ал аял аларды борборду жөн коюуга көндүргөн.

«Алар мени угушту. Анткени менден алар өз энесин элестетишти», – деди ал.

Ал эми кандуу кагылышуулар кечирээк башталган Жалал-Абадда Ошко караганда элдик кошуундар башка ыкмаларды колдонушту. Ал жакта негизги ролду «Жалал-Абаддын аялдар лидерлери» бейөкмөт ассоциациясы ойноду.

«Биз жаштар тобун шаарга киргизбей токтотуп кала алдык. Алгач биз аларга бул жакка аскерлер келе жаткандыгын, курал менен атуунун колдонушаарын айтып токтоттук. Эмнегедир бул аларга таасир берди» , – дейт Назгүл Жолоева.

Качан жаштардын калың тобу ат майданына чогула баштаганда, уюмдун активисттери ошол жакка барып, алардын кээ бирлери менен сүйлөшүп, алардан башкалардын телефон номерлерин алып, телефон аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн.

«Эмне үчүн колуңарда курал менен жүрөсүңөр?» – деп активисттердин бири сураганда: «Эмне үчүн дегенде алар (өзбектер) да курал менен жүрүшөт» , – деп жооп беришкен.

«Сиз ошол өзбектерди көрдүңүзбү?», – деп сураганда, ал көрбөгөндүгүн, бирок уккандыгын айткан.

«Мен мунун баары атайылап уюштурулгандыгын түшүндүм жана биз аларга тура маалыматты түшүндүрүүгө аракеттендик. Биз аял болгонубуз үчүнбү, алар бизди угушту», – деди Жолоева.

Бүгүнкү күндө жергиликтүү лидерлер каршылашкан тараптар ачуулары келип турса да элдешүүгө даяр экендигин айтышууда. Ошондуктан мындан аркы өз-ара сүйлөшүү мүмкүн жана зарыл.

Жалал-Абаддагы бейөкмөт уюмдун башка кызматкеринин айтымында, алар Таш-Булак (Сузак районуна караштуу өзбек айылы) айылынын башчысы менен телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатышат. Бул айылдын дээрлик 97% өрттөлүп жокко чыгарылган. Ал



жакта эл кайра калыбына келтирүүгө уюмдашып жатышат.

Өзбектер менен кыргыздардын ортосундагы мамилени жөнгө салууга жардам бере ала турган дагы бир адамдардын тобу – бул аралаш улуттун өкүлдөрү. Кыргыздар менен өзбектердин ортосунда үй-бүлө куруу кадыресе адаттагы көрүнүш. Ушундай аралашма улуттун өкүлдөрү эки тарапты элдештирүүдө жакшы ортомчу боло алышмак.

Көптөгөн элдештирүүчүлөр өздөрүнүн болгон күчүн жумшоого даяр экендигин билдиришүүдө. Дагы бир башка кагылышуу чыгып кетпеши үчүн алардын иш-аракеттерин координациялоо зарыл. Мындай координацияланган иш-аракеттердин программасы улуттар аралык элдешүүнүн, түшүнүүчүлүктүн негизи болуп кала алат жана өз кезегинде бул этникалык топтордун ортосундагы мамилелер жаатында мамлекеттик саясаттын модели катары кабыл алынышы мүмкүн.

# ТАЖИКСТАН:



## Тажикстан табигый кырсыктан кийин жардам сурайт

*Жашаган ордун алмаштырууга мажбур болгон тургундар жардам өтө жай келип жатканын билдирди.*

Билоли Шамс, IWPRдин тренингинен өткөн Тажикстандын түштүгүндө кызмат өтөгөн журналист.

Тажикстандын өкмөтү өлкөнүн түштүгүндөгү сел каптоо жана көчкүлөрдөн улам, эл аралык коомчулуктан өзгөчө каражат жардам берүүнү сурап жатса, жабыркаган тургундар жардам баш аламан жана өз убактысында эмес келип жатканын билдирди.

Өзгөчө кырдаалдарда ыкчам баалоо жана багыттоо командасы өкмөттүк агенттиктеринин жана эл аралык уюмдардын бирикмеси 7-майда Куляб шаары жана Тебалай дарыясынын тегерегиндеги сел жана суу каптоолорду алып келген нөшөрлөнгөн жаан-чачындын кесепетинен 16 адам каза болгонун билдирди.

Ыкчам баалоо жана багыттоо командасынын 10-майдагы кырдаал тууралуу берген маалыматында кырсыктын кесепетинен болгон курмандыктардын саны, 13-майда Куляб шаарынын мэриясынын башкармалыгынын өкүлү Сухробшоли Фаррухшохтун маалымат санынан көп болуп чыкты.

Кулябдын Чукул аракет Борбору 600 турак-жай толугу менен ураганын билдирди.

Башка маалыматтар боюнча ураган тамдардын саны бир топко көп. Миңдеген айыл тургундары ылай менен чопонун алдында калган мал жандыктарынан жана түшүмүнөн ажырашты.

Республиканын өкмөтү 5,3 миллион доллар жардам көрсөтүү кайрылуусун жарыялагандан кийин, БУУдагы Тажикстандын өкүлү Сирожиддин Аслов 14-майда өлкөгө жардам көрсөтүү боюнча расмий сурам жиберди.

19-майдагы сел каптоо жөнүндөгү өз маалыматында ыкчам баалоо жана багыт-

тоо командасы Кулябдагы кырсыктан бир жумадан соң курулган эки чатыр шаарчасы жана ага жайгашууга мажбур болгон адамдар үчүн биринчи муктаждык буюмдары таратылганын билдирди.

Бирок кырсыктын кесепетинен жабыркаган тургундар сооп жардамдын кеч келип жатканын айтып даттанды. Алар жардам баш аламан таратылып жатканын IWPRге билдиришти.

Бозоргул Курбанованын беш баласынан үчөө: жети жана беш жашар балдары ошондой эле жети айлык наристеси селден каза болгон.

Эми негизги көйгөй тамак-аш жана чатыр таратуудагы иретсиз баш аламандык болууда. Кээ бир жабыркаган үй-бүлөлөргө чатыр бөлүнгөн жок. Азыркы күнгө чейин же ун, же тамак-аш берише элек. Болгону эки-үч жаздык жана жуурканыбыз бар», – деди ал.

Тажикстандын бул аймагындагы көп үй-бүлөлөр бир тамда 30дан адам жашачу. Бирок аларга бирден чатыр бөлүп беришти. Ага сыйымдуулугу боюнча 10 адам гана батат.

«Чатыр берет деп убадалашкан. Биз күтө берип тажадык. Карасаңыз жаан жаап жатат. Менин эки баламдын эти ысып, температурасы түшпөй койду», – деди ал. Журналист Раджаби Мирзо, жабыркаган облуска биринчи күндөрү келип, жардамды таратуу абдан жай жүрүп жатканын ырастады.

«Жабыркагандардын тизмеси даяр эмес деп жатышат. Бирок мында адамдардын күнөөсү жок. Алар азыр жардамга муктаж болууда», – деди ал.

Турак-жайынан ажыраган 80 жаштагы Халил Насруллоев азыркыга чейин жардам албаганын билдирет.

«Бизге бир эле жолу комиссия келип, эки жууркандан башка эч жардам берген жок. Күнүгө азык-түлүк, ун, жардам таратып жатышат. Бизге анын бири да тийген жок», – дейт ал.

Насруллоевдин айтымында ал жашаган жерге чейин жол оңдоло элек деп түшүндүрүштү.

Мэриянын башкармалыгынын кызматчысы Сухробшохи Фаррухшох жардам таратууда оңдолбогон жолдор маселеси болгонун ырастайт. “Бирок 13-майдан баштап биз жардамды жөнгө салып, бардык жабыркагандарга чатыр жана башка колдоонун түрлөрүн бөлүштүрө баштадык”,– деп IWPRге жооп берди.

Кээ бир тургундардын айтымында, эскертүү эртерээк болгондо, курмандыктарды алдын алууга болмок деген доо коюуда. Тургундардын бирөө “Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Куляб өкүлдүгү андан мурдараак сел жүргөн коңшу Шурабад жана Муминабад райондорундагы кесиптештери менен байланышып кырдаалды бааласа болмок”, – деген оюн айтты.

Хатлон облусунун өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу боюнча өкмөттүк агенттиктин башчысы Абдусаттор Хушвахтов кырсыкты алдын ала эскертүү мүмкүн эмес болчу дейт. Анткени анын уюмунун жергиликтүү бөлүктөрүндө адистер жетишпей, жабдуулардын эскилиги жеткенин билдирди.

«Өзгөчө кырдаалдар боюнча улуттук комитет биздин кызматчылар үчүн телефон же рация сатып ала элек. Дал ушул себептен Муминабад жана Шурабаддагы кызматчылар Кулябдагы өз кесиптештерине чалып, кабарлаганга мүмкүнчүлүгү болгон жок», – деди Хушвахтов.

Башкалардын айтымында Тебалай дарыясынын нугу өзгөчө Кулябдан өткөн жери көп жылдан бери тазаланбагандыктан кырсыктын мындай натыйжасы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Садулло деп аталган жигит Тажикстан 1991-жылы көз карандысыздык алганы, дарыянын нугун мурунку селдерден калган чопо жана ылайдан тазалоо үчүн эч нерсе кылынган эмес дейт.

Мелиорация министрлигинин ирригациялык тутумду калыбына келтирүү борборунун мүдүрү Рахматулло Каримов Куляб аркылуу канал түрүндө аккан дарыя өз убагында тазаланган эместиги менен макул болот, бирок анын себеби каржылоонун жетишпегендиги деп билдирет.

«Советтер Союзунун кулашынан кийин 19 жылдан бери акча бөлүнгөн эмес. Эгер ошол мезгил аралыгында Тебалай дарыясынын жээги жок дегенде бир жолу тазаланган болсо, шаардын дарыяга жакын көчөлөрүнүн калкы жабыркамак эмес. Башка себеби – заманбап техниканын жоктугу. Техника бар, бирок ал абдан аз. Союздан калган жабдуулар ишке жарабай эскирген», – деди ал.

Жеке курулуш компаниясынын башчысы Сафармад Валиев, каналды тазалоо өз убагында жүрбөгөнү менен макул болот. Бирок анын айтымында, тазалоо болгон күндө да, кырсыктын кесепетинен бузулган аянттын көлөмүн кыскартмак эмес, деп ой бөлүштү.

“Шаар аркылуу өткөн Тебалайдын жээги абдан кууш болгондуктан, суунун чоң көлөмүнө туруштук бере албайт. Андыктан аны кеңейтүү керек”, – деди ал.



*Сүрөттө: Кулябдагы сел каптоодон жабыркагандардын чатыр шаарчасы (фото «АП»)*

# Тажикстандагы чөнтөк телефондорду колдонуу боюнча пикир келишпестиктер

*Президент эмне үчүн өлкөдө колдонуп жаткан мобилдик байланышка каршы чыкты?*

Жахонгир Бобоев – Тажикстандык журналисттин жашыруун аты.

Жакырлыктын жогорку деңгээлине карабастан Тажикстан акыркы жылдары чөнтөк телефондоруна бай. Провайдерлердин арасындагы атаандаштыктан улам, байланыш наркы кескин кыскарды, андан башка, мобилдик байланыш жер үстү менен кеткен телефон байланышындагы татаалдыктарды чечет.

Буга байланыштуу өлкөнүн президенти Эмомали Рахмондун апрелдин аягындагы мобилдик телефондор ден соолукка зыянын тийгизет, андыктан аларды ыксыз колдонууну кыскартуу керек деген жарыясы баарына күтүлбөгөн жаңылык болду.

30-апрелде министрлердин отурумунда президент саламаттыкты сактоо министрлигине коомчулукту өзгөчө жаштарды чөнтөк телефондорунун ден соолукка тийгизген зыяндыгы жөнүндө маалымдоону буйруду.

Бир жума мурун президент уюлдук телефон колдонуунун дагы бир терс жагын белгилеген. Анын айтымында, чөнтөк телефонун колдонгон миллиондон ашуун тажик калкынын ар бири чалууларга айына 50-600 сомони сарп кылат (11-135 АКШ доллары). Мындай өлчөмдөгү акча сарптоо “ар бир тажик үй-бүлөсүнүн капчыгына зыян тийгизет”, – деди ал.

Президенттин чечмелөөсүнөн кийин уюлдук телефонду ашкере колдонуунун зыяндыгы жөнүндө мамлекеттик телеберүүдө бир нече программа даярдалды.

Кийинки кадам Дүйшөнбү жана башка чоң шаарлардын бийлиги тарабынан даярдалып, мобилдик компанияларынын тышкы жарыяларына каршы чектөөлөр коюлду. Андан көп узабай бир нече күн ичинде бир топ жарыя дубалдары алынып салынган.

Бул аракеттер мобилдик жана маркетинг компанияларды таң калтырды.

Экономист Хожимухаммад Умаров бийликтин тыюу салууларын мыйзамсыз акылсыздык деп санайт. “Бул базар экономикасынын мыйзамдарын бузат жана анын негизги принциби – эркин атаандаштык принцибине каршы чыгат», – деди ал.

«Уюлдук компаниялардын жарыяларына тыюу салуу кабары бизди таң калтырды. Бул чечим бардык эл аралык норма жана базар экономикасынын принциптерине каршы чыгат»,- деди Тажикстандагы Азия Өнүгүү Банкынын үзгүлтүксүз өкүлчүлүгүнүн экономисти Каххор Аминов.

Парламенттин мүчөсү, Коммунисттик партиянын чыгааны Шоди Шабдолов, президент уюлдук телефондорго тыюу салган жок, жөн гана колдонууну азайтууга үндөдү, деген оюн айтты.

«Эгер компания өз жарыясын мыйзамдуу түрдө жүргүзүп жатса, эч ким ага тыюу салып, чектөөгө акысы жок», – деп кошумчалады ал.

Тажикстандын уюлдук телефондорунун базарында алты провайдер бар. Алардын көбү чет элдик инвестициялардын колдоосунда негизделген. Эки компанияда Россиялык уюлдук компаниялар акциянын көп бөлүгүнө, дагы биринде Кытай компаниясында көзөмөл пакет чогулган.



Атаандаштык байланыштагы баалардын төмөндөшүнө алып келип, техникалык прогресс мүмкүн болду. Тажикстан борбор азиялык өлкөлөрдүн ичинен биринчилерден болуп 3G форматындагы тейлөө киргизди.

Эгер жарыяга расмий тыюу салынса, уюлдук компанияларга гана эмес маркетинг компанияларына өз залалын тийгизет.

“Биздин басмаканадагы уюлдук компаниялардын жарыясы казынанын орчундуу бөлүгүн түзөт. Биз бул жарыялардан баш тартпайбыз. Эч болбогондо, аны басып чыгарууга тыюу сала турган сот чечими болгуча биз тоготпойбуз”, – деди “Азия плюс” жумалыгынын редактору Марат Мамадшоев.

Бул бийликтин уюлдук телефондорду колдонууну кыскартуунун биринчи учуру эмес. 2008-жылы президент Рахмондун сунушу боюнча парламент окуучуларга жана студенттерге сабак учурунда уюлдук телефон алып жүрүүгө тыюу салуучу токтом чыгарган.

Оппозициялык саясатчы жана укук коргоочу Шокиржон Хакимовдун, өкмөт коомчулукту эркин байланыш каражаттарын колдонуудан чектеп жатат деген ою бар.

«Бийлик уюлдук байланыш секторунун өөрчүшүнөн коопто-нуп турганы эч кимге сыр эмес. Кыргызстандагы 2010-жылдын апрель айындагы каршылык акциялары, же 2009-жылкы Ирандагы окуялар тууралуу дүйнө жүзү уюлдук байланыш жана чөнтөк телефондору аркылуу билген», – деди ал.

Башка сурамжылоого алынган жарандар жогорудагы буйрукту, жеке турмушка мыйзамсыз кийлигишүү деп баалашты. Мындай буйрук үйлөнүү-үлпөт тойлорго же кырк-аштарга ашкере акча коротууга тыюу салганга же мугалимдерге алтын тиш салууга тыюу салганга барабар.

“Тилекке каршы, акыркы жылдардын тажрыйбасы көрсөткөндөй, президент кандайдыр бир маселени сындап айтаары менен парламент, же тиешелүү мекемелер мыйзамга же укуктук актыга өзгөртүү киргизип, өлкөнүн конституциясы менен кепилдикке алынган жарандардын укугун жана эркиндигин чектөөгө аракет кылат. Тажикстанда илгерки макалдай – баш кийимин алып кел десе, башын кесип келүү болуп жатат. Ошондой эле бул маселеде да президент уюлдук телефондорду үнөмдүү пайдалануу жөнүндө кеп кылса, бийликтин башында тургандар ага тыюу салып койду”, – деди өлкөнүн түндүгүндөгү Кожент шаарынын укук коргоочусу Файзиниссо Вохидова.

# ТҮРКМӨНСТАН:



## Түркмөнстан: жергиликтүү бийликтин ыйгарымына шарт түзүлдү

*Өз алдынча болуу үчүн жергиликтүү атка минерлерге чечкиндүүлүк талап кылынат.*

Майдын аягында массалык маалымат каражаттарында Түрмөнстандын "Жергиликтүү аткаруу бийлиги жөнүндө" жер-жерлердеги жетекчилердин ыйгарымын күчөткөн жаңы мыйзам басылып чыкты.

Эми президент тарабынан дайындалган жана бошотулган велаят, этрап жана шаарлардын акимдери министрлер кабинетинин кароосуна аларга ыйгарылган территориянын "социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жана бюджетин иштеп чыгып, киргизип аны талкуулоого укуктуу".

Буга чейин мындай программалар борбордук органдар тарабынан иштелип чыгып, ылдый көздөй аткарууга гана жумшалчу.

Андан тышкары, жергиликтүү депутаттардын арасынан тандалган шаардык жана айылдык башкаруучу-арчиндерди баш ийдирген акимдердин көзөмөл милдети жоюлуп, жергиликтүү бийлик бошоңдоп калган. Жаңы мыйзамдын 17-беренесине ылайык жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн билгилик кызматына акимдердин кийлигишүүсү тыюу салынган.

Мамлекеттик башкаруу реформасын президент Гурбангулы Бердымухаммедов 2007-жылдын күз айларында баштаган: бийлик бутактарын тең салмактоо максатында, анын авторитардык устаты түзгөн конституцияга үстөмдүк кылган орган – Халк Маслахатын таратып, базар реформаларына анализ жана стратегиялык мерчемдөөгө басым койду. Түркмөн башчысы мамлекет-

тик кызматтын беделине кам көрүп, атка минерлердин кесипкөй деңгээлин көтөрүү максатында атайын Академия түздү.

Бирок сынчылар Бердимухаммедовдун бул жаңылыгы көзгө илинээрлик натыйжаларды бербегендигин айтып, жаңы мыйзамдын кабыл алуусу эч нерсени оңобойт деп бир ооздон сындоодо.

Биринчиден, административдик-командалык башкаруу мүнөзү кала берет. Атка минерлер чечим кабыл алууда өз алдынчалыктан айрылган жана иш жүзүндө бардык түзүмдөр президентке баш ийет.

Экинчиден, башкаруучуларды даярдоонун төмөнкү сапатына байланыштуу адистерди тез алмаштыруу тажрыйбасы сакталууда.

"Көп башкаруучу адистер өйдө жактан буйрукка көнүп калгандыктан, катаал борбордоштурулган башкаруу тутумундагы шарттарда эмгектенгендиктен жаңы ыкма жана формага көнүү өтө кыйын болот", – деди түркмөн өкмөтүндө иштөө тажрыйбасы бар, News Briefing Central Asiaнын экономикалык серепчиси.

NBCAнын адистери 2010-жылдын январь айындагы "Нейтральный Туркменистан" гезитине басылып чыккан президенттин адистик дайындоолор жөнүндө жарлыктарын изилдеп чыгып, он беш жарлык иш маалында кетирген кемчиликтери үчүн акимдерди кызматынан бошотууга байланыштуу болгонун белгилешти.

Өлкөнүн түндүгүндөгү баяндамачынын айтымында, бул башкаруу тутумуна адистерди ыксыз тандоодо биринчи орунда туугандык жана калыссыздык туруп калууда.

"Мүнөзү жана түпкү тегиндеги тазалыгы бир нече жолу текшерүүдөн өткөн адамдар жогорку кызматка татыктуу. Ниязовдун (эск. – 2006-жылы каза болгон түркмөн президенти) кызмат ордуна талапкер өзүнүн жети атасына чейин маалымат берчү. Бердимухаммедовдун маалында бул текшерүү тутуму калды, бирок эми үч атага чейин кыскарып, жакын туугандары жөнүндө маалымат берилет", – деди NBCAга берген маегинде башкармаларды тандоо принциби менен тааныш адам.

Таза ата-тектүү башкармалар – тегинде соттолгон, оппозициячыл туугагы, көз карандысыз журналисттер жана бийликтин жүргүзгөн саясатын ачык сындаган жакыны жок адамдар, деп түшүндүрдү ал.

Мындай адам башкаруу чөйрөсүнөн орун ээлесе, кандайдыр бир демилге менен чыгууну ойлоп да койбойт.

"Жергиликтүү аткаруу бийлигинин өкүлдөрү демилгесиз. Эгер аларда идея пайда болсо, аны ишке ашырбайт. Анткени жылуу ордунан айрылып калуудан коркот", – деди биздин таанышыбыз.

Бир нече ай мурун райондун акими жумушсуздукту жоюу, калкты сапаттуу таза суу менен камсыздоо, канализация куруу маселелерин камтыган өз аймагынын келечектүү өнүгүү долбоорун даярдап, жогорку турган жетекчилерге тааныштырууну чечет.

"Бир топ убакыт сунушума жооп келбеди. Кийин көп күндүк эмгегимдин тагдыры менен кызыксам: Эмне, баарынан акылдуусуңбу? Силердин этраптын көйгөйүн биз өзүбүз эле чечип беребиз, деп жооп кайтарышты", дейт ал NBCAга берген интервьюсунда.

Бул макала үчүн сурамжылоо жүргүзгөн көз карандысыз журналист, жергиликтүү башкармалар мыйзам аларга укук бергени менен, жергиликтүү башкармалар өз аймагынын көйгөйүн чечүүдө жоопкерчиликти мойнуна алып, демилге менен чыгууга али даяр эместигин баса белгиледи.

"Алар өйдө жактан келген буйрукка "ляппай" деп жооп берүүгө көнүп калган, өз атынан эч кандай демилге чыкпайт", – деди ал.

Өлкөнүн түндүгүндөгү Дашогуздук медиабаяндамачы, жаңылануунун алсыз канаттары катаал бийликтин чогуна күйүп, чыныгы либералдаштырууну каалабастыкка кабылаарын билдирди.

Мисалы, "Генгеш жөнүндө" иштеп жаткан мыйзам боюнча жергиликтүү депутаттардын арасынан шаардык жана айылдык башкаруунун жетекчилигине эл тарабынан тандалган адамдар, аткаруу бутагында облустук жетекчи жана президент алдында жооптуу.

«Жергиликтүү бийлик жогоруда турган оргaндын сокур аткаруучусу, көздөгөн жолдон бир аз эле кыйгачтап кетсе эле жазалоого дуушар болот. Кээде жазалоо эл алдында ачык болуп, күнөөлүү башкарманы сыналгыдан көрсөтүп, аны министрлер кабинетинин же Коопсуздук кеңешинин жыйыны болуп жаткан залдан кууп чыгышат», – деди баяндамачы.

# Түркмөнстандагы анткор демилге

*Жадыраган саламдашуулардын ары жагында коомдук-саясий иш-чарага катышып, өкмөттүк башкармаларга шатыра-шатман кол чабуудан тажаган түркмөн жарандарынын наразычылыгы катылган.*

IWPR – Борбор Азия

Түркмөн жарандарынын айтымында, алар бийликтин коомдун жалпы тилектештигин жана башкарган тартипке берилгендигин билдирүүнү талап кылуусунан тажашты.

«Ыктыярчыларды» улуттук майрам учурунда же, чет элдик мейман келгенде же, президент Гурбангулы Бердымухаммеlов жумушчу сапары менен өлкөнү кыдырганда тосууга тизип коюшат.

Ошондой эле кошумча коомдук жумушчу күч талап кылынганда: көчө тазалоо, бак-дарак отургузуу же, өлкө үчүн эң зарыл пахта чогултууда, отоодо адамдарды топтоп талаага жиберишет.

Бердымухаммеlовдун май айында түндүк Дашогуз областына барганын бир мисал катары келтирели.

Жергиликтүү тургундарга бир нече миң кубаттоо тобун түзүүгө буйрук берилген. Президенттик самолёттун саат 9га учуп келишине баардыгы даяр болуу үчүн адамдар күн чыга электе эле турушту.

“Балдар жана башка тосуучулар аны жолдо таңкы саат 4тө эле күтүп турушту. Биздин короткон жеке убакыт моралдык жана кара күчүбүз текке кетти”, – дейт жергиликтүү мектептин мугалими. Ал бул иш-чарага түнү бою окуучуларды чогултуп чыккан.

Бул жайында болгон окуя, ал эми февраль айында 20 градус суукта адамдар жаңы токуучулук фабриканы ачуу аземине Бердымухаммедовду күтүүгө аргасыз болду.

«Алдыда өкмөттүк машине пайда болгондо, тоңуп калган адамдар кубанычтуу кубаттоонун ордуна президентти сөгүү сөздөрү менен тосуп алууга даяр болуп калган», – деп эстейт бул салтанаттуу иш-чарага катышып калган мамлекеттик кызматчы.

«Биз үчүн күнүгө бир нерсе ойлоп табышат. Ден соолук жолуна салтанаттуу чыгуу үчүн спорт кийимин кийип келүү керек же, кандайдыр бир имараттын ачылуу аземине президент келет деп тирүү чубама жол түзүү үчүн улуттук кийимди кийип тосууну буйрушат», – деди өлкөнүн тил багытындагы жогорку окуу жайларынын студенти.

Натыйжада, бул коомдук иш-чаралардын көптүгүнөн окууга такыр убакыт калбайт, деп кошумчалайт студент кыз.

Мындай иш-чараларга катышуудан баш тартуу мамлекеттик каржылоо тармагындагы иштеген жумушчулар үчүн түшкө кирбеген жорук. Алар иш ордун жоготуудан коркот, анткени жаңы жумуш табуу өтө кыйын. Мындай салтанатка катышуудан баш тарткан адамдын абалы өтө оор болот. Анткени атайын кызмат аны суракка чакырат же, “кара тизмеге” киргизип, өлкөдөн чет мамлекетке чыгууда, негизи эле келечек турмушунда кыйынчылыктарга кабылат.



2007-жылы мурунку президент Сапармурат Ниязов каза болгондо Бердымухаммедов бийликке келип, бир нече реформаларды баштады. Ал саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагындагы бир нече сапатсыз мыйзамдарды жойду. Бирок жаңы башчы либералдуу саясий жана социалдык чөйрөнү түзүүгө аракет кылган жок.

Башкарып жаткан бийликтин мамлекеттик саясатын колдогонун билдирген активдүү калың элди чогултуу салты Ниязовдун заманынан калган. Идеологиялыктан башка бул жерде экономикалык көмүскө максат да бар. Көчө тазалоо үчүн же, пахта чогултуу үчүн акысыз коомдук эмгекти колдонууда өкмөт бул жумушту аткара турган жумушчулардын айлык акысынан бир топ үнөмдөйт.

Андан башка өлкөдө адамдар катыша турган көп сандагы мамлекеттик майрамдар бар. Мисалы, Суу жана түшүм күнү, Түркмөн коон майрамы, Түркмөн килем күнү.

Андыктан адамдардын моюн сунуудан башка аргасы жок. Мамлекеттик жана медициналык мекемелердин, университет, китепканалардын жетекчилеринин айтымында көп учурларда сабак же жумушчу күндү бузуп, эмгек жамаатын алардын ишкерлигине эч тиешеси жок иш-чарага жиберүүгө мажбур болушат.

Ашхабаддык китепканачы бул мажбурлаган иш-чаралар, акысыз бекер коомдук жумуштар жеке жана жумушчу убакытка тоскоолдугун тийгизээрин билдирди. Жакында эле ал кесиптештери менен китепкананы жаап, бак-дарактарды отургузууга барууга аргасыз болгон.

Мамлекеттик каржылоонун башка жумушчулары жөнү жок, мисалы, бак-дарактардын көчөттөрү үчүн акча чогултууга кызыры келет. Анткени ошол эле көчөттөрдү кийин өздөрү эле отургузат.

«Акча чогултуу, майрам-салтанаттардын аягы көрүнбөйт. Канчага чейин чыдаар экенбиз?» – дейт наразы болгон педагогикалык институттун окутуучусу.

Болгариядагы адам укугу боюнча Түркмөн Хельсин фондунун башчысы Тажигүл Бегмедованын айтымында бийликти токтотуунун же ойлонтуунун жалгыз жолу баш ийбестен, мажбурлоо ыкмаларына каршы мыйзам аркылуу күрөшүү. Бирок бул жол жеңил эместиги баарына белгилүү.

*(Сурамжылангандардын аттары алардын коопсуздугу үчүн өзгөртүлдү)*


# ӨЗБЕКСТАН:

## Өзбекстан: ОБСЕге төрагалык кылган өлкө укук коргоочулардын добушуна кулак салабы?

*Укук коргоочулар Казакстан бийлигин качкындарга көңүл буруп алардын баш паанек жөнүндө өтүнүчүн укуктук жана гуманитардык багытта караштырууга чакырышты.*

21-июнда казак укук коргоо органдары тарабынан дагы бир баш паанек сураган Өзбекстан жаранынын кармалгандыгы жөнүндө белгилүү болду. Кашкадаряда туулган, БУУнун УВКБсу тарабынан баш паанек тууралуу тастык кагазы бар жаш жигит күч органдарынын кепилдемеси боюнча Алматынын миграциялык кызматына жиберилген. Ал жерден аны шаардын ички иштер Департаментинин убактылуу кармоочу жайына камакка алышкан.

Мурун Казакстандын Башкы прокуратурасы баш паанек сурап келген жыйырма тогуз чет элдик жаранды камакка алганы жөнүндө маалымдалган. Бул адамдар өзбек бийлиги тарабынан терроризм, экстремизм жана башка кылмыштары үчүн издөөгө берилгени белгилүү болгон.



«Ички иштер жана улуттук коопсуздук органдары тарабынан биргелешкен ыкчам-издөө иш-чаралардын жүрүшүнүн натыйжасында 9-11-июнь аралыгында жыйырма тогуз чет элдик жаран кармалган, алардын негизги бөлүгү Өзбекстандын атуулдары. Алардын баары Өзбекстандын территориясында оор жана өзгөчө оор кылмыштары үчүн мамлекеттер арасында издөөгө алынган», – деп айтылат прокуратуранын таратылган пресс-билдирүүсүндө. http://www.procuror.kz/rus/novosti2/?cid=0&rid=1523

Сот кармалган чет өлкөлүк жарандарга экстрадициялык камак колдонуу чечимин кабыл алды. Бул берене жазылган соң бардык жыйырма тогуз качкын Алматы полициясынын убактылуу кармоочу жайында аларды экстрадициялоо жөнүндө чечим чыгаруучу башка соттун чечимин күтүшүүдө.

News Briefing Central Asia менен болгон маегинде казак жеринде үчүнчү өлкөдөн соол мартаба күтүп, Казакстанга жардам сурап келген өзбекстандыктар бул жерден ырайымсыздык жана зомбулукка кабылды.

Андижандык качкын Алишердин айтымында өзбек качкындардын үйүнө жарандык кийимчен адамдар зордоп кирип, аларга "малдай" мамиле жасашкан.

«Таң атпай каалганы сындырып, бир үйгө жыйырмадай адам кирип, үйдүн ичин аңтарып чыгышты. Ымыркай балдар, аялдардын жүрөгүн түшүрүп, бул жерде террорчулар бар деген айып коюшту. Эркектерди күчкө салып, көчөгө чыгарып, машинеге салып кетишти».

Алматылык качкындарды коргоо демилгечилер тобунун өкүлүнүн айтымында, кармалгандар экстремисттерге болгон тиешесин танып, бул шылтоолуу айыптоо деп санашууда.

Баш паанек суроочуларды Ташкентке өткөрүп берүүдө, аларды мекенинде катаал кыйноолор жана абакта узак мөөнөт күтөт деп кооптонот укук коргоочулар.

Өзбек камакка алуу жайларында күнөөнү моюнга алдырууда кыйноолор кеңири колдоноору эл аралык деңгээлде бир топ далилдер бар. Андай маалыматтар БУУнун кыйноолорго каршы Комитетинин март айында өзбек укук коргоочуларынын билдирмелеринде маалымдалган.

Бирок байкоочулар белгилегендей, бул факторлор атка минерлер тарабынан көңүлгө алынбайт.

«Бир өзбек качкын кыйноолор жөнүндө кеп кылганда, миграция боюнча Комитетинин Департаментинин кызматчылары: Сиздерди кыйнаган адамдардын аты-жөнү менен кыйнаганы тууралуу билдирме алып келгиле, – деп айтты дейт Казакстандагы адам укугу боюнча эл аралык Бюросунун кызматчысы Денис Живаго. “Бул качкындардын баары кылмышкерлер, алардын Казакстанга эмне кереги бар? -деген сөздөр айтылды”.

Францияда кеңсеси бар “Борбор Азиядагы адам укугу” Ассоциациясынын жетекчиси Надежда Атаева, өзбек качкындарын кармаган казак миграциялык кызматынын жумушчулары качкындардын тагдырына гумандуу жана мээримдүү мамиле кылуу керектигин эскертет.

«Казакстандын миграция кызматында адамдар өз жерин эмне себептен таштап кеткенин түшүнүүнү каалашпайт», – деп ачууланат укук коргоочу айым.

Атка минерлер өлкөнүн эл аралык милдеттемелерин, айрыкча, Казакстан кирген адам укугу тармагындагы негизги элементи болгон, БУУнун качкындар жөнүндө Конвенциясын сактоого тийиш.

Бул макалага сурамжылоого алынган башка укук коргоочулар, казак башчылар баш паанек өтүнүчүн калыс карого даяр эместиги менен макул болушту. Буга мындай себептер далил: качкын мартабасын аныктоо жол-жобосун так түзүүнү эч ким билбейт.

“Өзбек баш паанек суроочуларды экстрадициялоо турган иш. Мисалы, Казакстан качкындардын өлкөсүндөгү кыйноолордун болгондугуна байланыштуу экстрадиция кылбоого укугу бар Европалык конвенциянын мүчөсү эмес”, – дейт Борбор Азиялык качкындарга укуктук жардам көрсөткөн “Баш паанекке укук” москвалык программанын жетекчиси Елена Рябинина.

Бирок Казакстандагы адам укугу боюнча Эл аралык бюронун кызматчысы Виктория Тюленева аны менен макул эмес.

«Өлкө Конвенциянын катышуучусу болбогону менен, мамлекетте качкындарды башка эл аралык милдеттенмелер боюнча принциптүү бербей коюуга, Казакстандын чек арасынан чыгарбай коюуга укугу бар. Биз бул качкындар өлкөдөн чыгарылбоосуна болгон күчүбүздү жумшайбыз», – деди.



# Өзбекстандын укук коргоочулары спорттук журналистти бошотууга аракет кылышат

*Кампаниянын уюштуруучулары камакка алынган журналисттин белгилүүлүгү ишин кайра карап чыгуу максатында бийликке басымды күчөтүүгө түрткү болооруна ишенет.*

IWPR - Борбор Азия

Ислам экстремизми боюнча айыпталган белгилүү футбол баяндамачысынын камакка алынышы Өзбекстандык укук коргоочуларынын наразычылыгын туудурду. Алар мүмкүн болгон чараларды колдонуп, аны чыгарууга убада кылышты.

35 жаштагы спорт журналисти жана телебаяндамачысы Хайрулло Хамидов 27-май күнү 19 адам менен бирге радикалдык “Жиходчилар” деп аталган тобунда мүчөлүк кылган деп айыпталып, алты жылга эркинен ажырады.

Январь айында камакка алынган Хамидов Кылмыш кодексинин эки беренеси, экстремисттик уюмга тиешеси бар жана коомчулуктун коопсуздугуна коркунуч туудурган адабият чыгарган деп айыпталган.

Хамидов бардык айыптоолорду мойнуна албады. Анын жактоочулары тергөө таянган далилдер негизсиз, деп айтууда.

Укук коргоочу органдардын маалыматы боюнча, январь айында Хамидовдун үйүн тинтүү учурунда эки диний адам, 1990-жылдары өлкөнүн чыгышындагы Андижан шаарынан уурдалып жоголуп кеткен мартабалуу имам Абдували Мирзоевдин жана бийликтин куугунтугунан качкан Өзбекстандын борбор шаары Ташкенттин алдыңкы имамы Обидхон-кори Назаровдун



үгүттөө сөздөрү менен аудиожазуучу каражаттар табылган. Эки дин кызматкеринин диний көз караштары жазылган дисктер Өзбекстанда бир нече жыл кеңири белгилүү болуп, базарларда ачык да, катылып да, сатылчу.

«Айыптоо жалаң ушул далил боюнча курулду», – дейт жактоочу. Ал эми ишти кайра каратууга арыз жазууга камынууда.

Укук коргоочулардын сөзүндө, бийлик журналисттин күнөөсүн далилдей албай коюп, болбой эле күнөөлүү деген чечим чыгарган.

Өкмөттүк эмес, сот жараяндарын мониторингдоо менен алектенген Өзбекстандын көз карандысыз укук коргоочуларынын Демилгечилер тобунун жетекчиси Сурат Икрамов, сот жараяны көп мыйзам бузуулар менен, Хамидов жана дагы аны менен бирге камалган адамдардын “Жиходчилар” тобуна тиешеси бардыгынын эч кандай далили жок өткөндүгүн билдирди.

Көбүнүн пикиринде Хамидов өзүнүн кесибинин экинчи багыты – диний жана этникалык темада жазган макалалары үчүн жабыркады деген ойдо. Спорт гезиттери «Interfootball» жана «Champion», телевидениедеги баяндамачылыгынан башка Хамидов жеке “Навруз” радиостанциясынан чыгып турган “Сабаттулукка жол” аттуу программанын автору жана алып баруучусу эле. Бул программа абдан белгилүү болуп СДге көбөйүп, Өзбекстандын жана коңшу Тажикстандын базарларында сатылчу.

Курбулары жана кесиптештеринин сөзүндө Хамидов Өзбекстанда кеңири тараган суннит исламынын салттуу түрлөрүн сактоого, экстремизм жана фундаменталдык агымдардан алыс болууга чакырчу.

“Хамидов фундаментализмге байланыштуу Өзбекстандын өкмөтүнүн пикирин бөлүшкөнү менен, камакка алганга чейин аны Улуттук коопсуздук Кызматына эки жолу чакырышып эскертишкен. Ал диний-агартуу иштерин жүргүзгөнү үчүн бийликке жаккан жок, андыктан аны отургузууга ашыгышты”, – дейт Икрамов.

Журналистти куугунтукка алган факторлордун дагы бири – анын Интернетке басылып чыккан өзбек элинин келечеги үчүн тынчсызданган ырлары болушу мүмкүн.

“Өзбектерге эмне болду?” деген ырларынын биринде ал өзбек калкынын кыйынчылыктары жөнүндө ой бөлүшкөн. Анда өлкөдөгү миграция, жакырчылык, сойкулуктун өсүшү тууралуу айтылат.

Диссиденттерди камакка алуу Өзбекстанда көнүмүш иш болгону менен Хамидовдун иши күтүүсүз наразычылыкты туудурду, анткени ал калың коомчулукка белгилүү журналист.

Социалдык жана саясий багыттардын мониторинги менен алектенген көз карандысыз уюм – ташкенттик адистик жумушчу топтун өкүлү Дилорам Исхакова журналистти колдоо боюнча кеңири кампаниянын пайда болушун болжолдойт. Бирок ал камакка алуудан корккондуктан көчөлөрдө эмес, негизинен Интернетте өтөт.

«Баардыгы Хайрулланы колдоп, акыйкаттык талап кылышат, анткени анын айыптоо шылтоосу чындыкка коошпойт. Ишке киришкен тегирменди токтотуу керек, болбосо мындай тагдыр баарыбызды күтөт», – деди ал.

Белгилүү сүрөтчү Умида Ахмедованын ишине таянган журналисттер мындай кампания үзүрлүү болооруна ишенет. Анын айылдык турмушту чагылдырган сүрөттөрүнө өзбек калкын “шылдыңдоо” деген жалаа коюлуп, быйылкы жылдын февраль айында камакка алынган. Кийинчерээк ага мунапыс беришкен. Бийлик элдин наразычылыгын түшүнүп, эптеп бир шылтоо менен аны мунапыс аркылуу эркиндикке чыгарган.

«Кампания өз максатына жетти… Бирок каалагандай формада эмес», – деди жергиликтүү журналист.

Дагы бир журналист, Хамидовдун иши акыйкатсыз сот жана куугунтуктоо боюнча Өзбекстандын коомчулугунун көңүлүн көбүрөөк бурса, үзүрлүү натыйжага жетмек, деген оюн билдирди.


«Анын кадыр-баркын билип туруп, адамдар бул ишке каршы чыга алат. Алар мурункудай унчукпай калбайт», – деди ал.

Дагы бир журналист, Хамидовду айыптоо өлкөдөгү кырдаалдын начарлап баратканын айгинелээрин билдирди.


Укук коргоо уюмдары Өзбекстандын абактарында ондогон журналисттер кармалаарын эскертти. Бул: Дилмурад Саидов, Салижон Абдрахманов, Жамшид Каримов, Мухаммад Бекжан, Рашид Бекжан, Гайрат Мехлибаев, Мамадали Махмудова жана башкалар.

АКШ Фридом Хаус уюму тарабынан ММКлардын эркиндиги боюнча кырдаалды баалаган быйылкы жылдын апрель айында чыккан рейтингинде Өзбекстан 193 тизменин 189-ордунда Түркмөнстан жана Белорус менен бирдикте болду.


**Байланыш маалыматтары:**
Institute for war & peace reporting
48 Gray's Inn Road
London, WC1X 8LT, UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net



**IWPRдин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш. , 720017
Тоголок Молдо көч, 18-2
Тел: + 996 312 66 44 53, 61 38 70
Факс: + 996 312 61 38 70
E-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net



**IWPRдин Казакстан Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Казах Республикасы,
Алматы ш., 050000
Казыбек би көч, 50
2-чи кабат, 84 кеңсе
Тел.: +7 727 272 59 03, 272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazahstan@iwpr.net



**IWPRдин Тажикстан Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Тажикстан Республикасы,
Душанбе ш., 734003
Рудаки көч., 137 «Точикматлубот», 6 кабат
Тел.: + 992 372 247026
Тел./Факс: +992 372 247051
E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

Макаланын мазмунуна IWPR толук жоопкерчиликти мойнуна алат жана ал Европа Шериктештигинин өлкөлөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.